

## Жаратуу – жаштардын башкы миссиясы

(3-бетте)



## Уңгужол – улуттук дем менен дүйнөлүк бийиктикке карай

(4-5-беттерде)



## Интеграция как шанс

Что Кыргызстан получает от участия в ЕАЭС и ШОС

(7-бетте)

Жалпы улуттук гезит

# Кыргыз Туусу

1924-жылы 7-ноябрда негизделген. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин басылмасы № 13 (24983) 2026-жылдын 24-февралы

# Тергөө комитети түзүлөт

**Президент Садыр Жапаров күч органдарынын реформасын улантууга ниети бекем экенин билдирди. Ал “Кабар” агенттигине берген соңку маегинде күч органдарын андан ары реформалоонун алкагында жаңы институт – Президентке караштуу Тергөө комитети түзүлөрүн маалымдады.**



“Жаңы Тергөө комитети түзүлөт. Тергөөнүн баары аларга өтөт. Башкы прокуратура менен Аскер прокуратурасы болсо, баарынын үстүнөн мыйзамдуу иш алып барылып жатабы, ошону көзөмөлдөйт.

Эмне үчүн Тергөө комитетин түзүп жатасыңар десеңиз, биз келечекти жана түбөлүктүүлүктү ойлошубуз керек. Бүгүнкү күндө кандай? УКМКда да, ИИМде да экөөндө тең ыкчамиликтөө ишмердиги жана тергөөчүлөр бар. Баарынын үстүнөн бир эле министр башкарат. Мисалы, “оперативник” иш алып келет, иш адилетсиз дейли. Тергөөчүгө ишти өткөрүп бергенде тергөөчү “бул ишиң соттон өтпөйт” деп кабыл албай коёт. Анан тергөөчүнүн үстүнөн министр чалат дагы “кабыл алып, кылмыш ишин ач” деген буйрук берет. Тергөөчү айласы жок, кылмыш ишин ачат. Ошентип азыркы учурда адилетсиз болуп жаткан фактылар жок эмес. Ал эми Тергөө комитети болсо түздөн-түз президентке баш иет.

“Оперативник” менен министр алып келген чийки иштерди кабыл албайт. Иш козгобойт. Албетте, адилетсиздикке кабылып жаткан жарандарыбыз камалбайт. Мына ушундай кылганыбызда гана адам укуктары сакталат. Келечек муунга коопсуздук камсыздалат. Экономикалык иштер деле ушундай болот. Эгер чындап кылмыш кылсаң камаласың, жалаа жабылып жаткан болсо бошотуласың. Эки башка орган бири-бирине баш ийбей, ортодо туура чечимдер чыгат”, – деди Президент.

Президент такталган маалыматтардын жана анализдин негизинде жеткиликтүү түшүндүрүп бергендей, тергөөчү баш ийген министрликтен же комитеттен тышкаркы өз алдынча тергөө органы объективдүүлүккө шарт түзөт дешет практик юристтер. Эл аралык тажрыйбада да тергөө органынын өз алдынчалыгы мыйзамдуулуктун сакталышын камсыздоочу практикалардын бири.



«Кыргыз Туусу»

гезитине чыккан макалалар, күндөлүк жаңылыктар, видеолор, жарнамалык материалдар менен

«kyrgyztuusu.kg» сайтынан жана

тармактарынан таанышa аласыздар.

«Кыргыз Туусу» гезитине жазылдыңызбы?..

Учурда «Кыргыз Туусу» гезитине 2026-жылдын I жарым жылдыгына жазылуу «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат.

Жазылуунун баасы почта кызматын кошкондо 6 айга: 1997 сом 46 тыйын.

Эсептешүү которуу жана накталай жолу менен жүргүзүлөт.

Индекс: 68416



Ынтымак-Ордо

# Ысык-Көл – Жер шарынын борбору



**Касиеттүү Ысык-Көл Жер шарынын борбору болуп көрсөтүлгөн дүйнө картасы Бишкекте орнотулат. Борбор Азиядагы ислам же Европа окумуштуусу Адам Мец атагандай мусулман ренессансынын толкунунда жаралган картада дүйнөнүн борбору деп Ысык-Көл көрсөтүлгөн.**

Мамлекеттик катчы Арслан Койчиев XI кылымда жашап өткөн улуу бабабыз Махмуд Кашгари-Барскани түзгөн дүйнө картасынын көчүрмөсүн орнотуу тууралуу демилге көтөрүп, дал ушундай көрсөтмө берди. Арслан Койчиев көтөргөн идеяны ишке ашыруу үчүн, Маданият жана маалымат министрлиги конкурс аркылуу эң мыкты долбоорду тандап алышы керек.

Мамлекеттик катчынын бул демилгеси Махмуд Кашгари-Барсканинин 1000 жылдыгына карата иш-чаралардын бир бөлүгү болмокчу.

**P.S.** *"Кыргыз Туусу" гезити "Ынтымак Ордонун" бул идеясын байытуучу жана тарыхый эс-тутумга изги пайдасын тийгизет деп ишенген айрым сунуштарын кийинки санында баяндайт.*

Министрлер Кабинетинде

# 385 кайра иштетүүчү жаңы ишкана пайдаланууга берилет



**2030-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук программасына ылайык, айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнүн көлөмү 25%га өсүп, 385 жаңы кайра иштетүүчү ишкана пайдаланууга берилмекчи.**

Бул тууралуу Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев «Агродиалог» форумунда билдирди. Статистика көргөзгөндөй, айыл чарба продукциясын өндүрүү көлөмү 459,7 млрд. сомду түздү (2024-жылга салыштырмалуу 62,9 млрд. сомго көп), өсүү темпи – 102,2 %. Кайра иштетүү өнөр жайында 104,7 млрд. сомдук продукция өндүрүлдү (2024-жылга салыштырмалуу 16,2 млрд. сомго көп), өсүү темпи – 130,1 %.

Айыл чарба продукциясын экспорттоодо да оң көрсөткүчтөргө жетишилди: айыл чарба продукциясынын 60тан ашык түрү дүйнөнүн 80ден ашык өлкөсүнө экспорттоло баштады; өлкө калкты азык-түлүктүн тогуз негизги социалдык маанилүү түрүнүн алтысын өзү өндүрөт.

«Бул жетишкендиктер – сиздердин жан аябас эмгегиңиздердин натыйжасы. Бийлик менен бизнестин аракеттери жылдан жылга барган сайын шайкеш келип жатканын белгилегим келет. Күйүүчү май, насыя берүү жана башка маселелерди чечүүдө олуттуу прогресске жетишилди. Кыргыз Республикасын 2030-жылга чейин өнүктүрүү боюнча улуттук программада айыл чарба тармагында бир катар багыттар аныкталган, алардын ичинде: айыл чарба продукциясын өндүрүү көлөмүн 30 %га көбөйтүү; айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнүн физикалык көлөмүн 2 эсеге көбөйтүү; суунун жоготуу деңгээлин 15 %га чейин төмөндөтүү; сугат жерлердин аянтын 15 миң гектарга көбөйтүү; жерлердин суу менен камсыз болушун 93 миң гектарга жогорулатуу. Суу маселесинин өзгөчө маанилүүлүгүн эске алуу менен, 2026-жылы ирригация тармагына 12,3 млрд. сом каралган. Жалпысынан айыл чарбасына 41,1 млрд. сом багыттоо пландаштырылууда (2025-жылы 31,5 млрд. сом каржыланган)», – деди ал.

Адылбек Касымалиев жакынкы жылдары үрөнчүлүктүн, асыл тукум мал чарбасынын жана питомниктердин материалдык базасын активдүү чыңдоо зарыл экенин кошумчалады. Бул багытта ишке ашырылып жаткан өнүктүрүү долбоорлору боюнча жеңилдетилген кредиттик каражаттарды толук өздөштүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат.

Министрлер Кабинетинин башчысынын айтымында, өкмөт 2030-жылга чейин айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнүн көлөмүн 25%га, ал эми 2040-жылга чейин 50%га жеткирүүнү пландаштырууда. Бүгүнкү күндө бул көрсөткүч болгону 7%ды түзөт. Бул максатка жетүү үчүн 2030-жылга чейин 385 жаңы кайра иштетүүчү ишкананы ишке киргизүү зарыл, анын ичинен 75и 2026-жылы иштеп баштоосу керек, ошондой эле агрокластерлерди жана кошумча нарк чынжырларын өнүктүрүү зарыл.

Баш министр өз сөзүндө Голландиянын тажрыйбасын мисалга келтирди, ал жерде жоогазындарды өстүрүү 1 млрд. евродон ашык киреше алып келет, ал эми Түркия кургатылган өрүктү жылына болжол менен 400 млн. долларга экспорттойт. Ал Кыргызстан кургак өрүктү дүйнөлүк рынокко чыгара баштаганын белгилеп, кыргыз өрүктөрү бүткүл дүйнөгө таанылышы үчүн комплекстүү ишти улантуунун маанилүүлүгүн баса белгиледи. Бул багыттагы биринчи кадам ички рынокто өз продукциясын сатууну кеңейтүү боюнча системалуу аракеттер болушу керек.

Адылбек Касымалиев форумдун катышуучуларынын көңүлүн айыл чарбасында жана жалпы эле экономикада илимдин жана билим берүүнүн ролун жогорулатуу зарылдыгына бурду. Бул контекстте ал Кыргыз улуттук агрардык университетинен, ошондой эле бул тармакта иштеген окумуштуулардан айыл чарбасына олуттуу салым кошууну күтөрүн белгиледи.

Форумдун алкагында Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин кызматкерлери сыйланды.

# ӨКМге атайын техникалар берилди

**Түрдакун Усубалиев атындагы аянтта 23-февралда Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев өзгөчө кырдаалдар министрлигине атайын техникаларды тапшырды.**



Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин бөлүмдөрү дагы 116 даана атайын техника алышты, бул көз карандысыздык жылдарындагы эң масштабдуу модернизациялоо этабы болуп калды жана ведомствонун техникалык паркы толугу менен жаңылангандыгын күбөлөндүрөт. Иш-чара өзгөчө кырдаалдар министрлигинин материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча системалуу иштин уландысы. Анткени соңку беш жылда министрлик 652 даана автотранспорт жана атайын техника менен камсыздалып, ага 7 млрд. сом жумшалган.

Министрлер Кабинетинин башчысы иш-чаранын катышуучуларынын алдында сөз сүйлөп, куткаруучуларды Ата Мекенди коргоочулар күнү менен куттуктап, бул күн эрдиктин, баатырдыктын жана Ата Мекенди коргоонун ыйык парзынын символу экенин, анын өткөн тарыхта да, өлкөнүн азыркы тарыхында да татыктуу орду бар экенин айтты. Баш министр акыркы жылдары министрликти каржылоо өз убагында жана жетиштүү көлөмдө жүргүзүлүп жатканы баса белгиледи. Мисалы, өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2025-жылга бюджети 5,5 млрд. сомдон ашты, ошол эле учурда жыл ичинде кошумча каражаттар бөлүнүп, алар ийгиликтүү өздөштүрүлүп, авариялык-калыбына келтирүү иштерине, инфраструктуралык долбоорлорго, өзгөчө статуска ээ болгон чек ара аймактарын өнүктүрүүгө, метеостанцияларды курууга, аэродромдорду модернизациялоого, ошондой эле көпүрөлөрдү жана стратегиялык объектилерди курууга багытталган.

Өзгөчө көңүл бийлик органдарынын калк менен өз ара аракеттенүү маселелерине жана өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу чөйрөсүндөгү диалогду бекемдөө зарылдыгына бурулду. Сел жүрүү, жер көчкү, жер титирөө, өрт жана башка тобокелдиктерге дуушар болгон аймактарды кошо алганда, калк арасында алдын алуу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнүн маанилүүлүгү баса белгиленди.

Адылбек Касымалиев кыргызстандык куткаруучулардын жогорку профессионализмин белгилеп, алар өлкөнүн ичинде да, анын чегинен тышкары да эң татаал милдеттерди – Ысык-Көл көлүнө тереңге сүңгүүдөн жана Ленин чокусунда куткаруу операцияларынан тартып, Түркиядагы жер титирөөдөн жабыркагандарга жардам көрсөтүүгө чейин катышып жатканына токтолду. Куткаруучулардын Ысык-Көлдү экосистемасын сактоого кошкон салымы, анын ичинде суу астындагы таштандылардан жана балык уулоочу торлордон тазалоодогу эмгеги өзгөчө белгиленди.

**Сыргак ЭСЕНБЕК**

Кыргыз Ренессансы – жаңы толкун



# Жаратуу – жаштардын башкы миссиясы

**Президент Садыр Жапаровдун көрсөтмөсү менен мамлекеттик катчы Арслан Койчиев "Азыркы кыргыз ренессансы" тууралуу кайра-кайра кеп козгоп, бир топ аракеттерди көрө баштады. Ренессансты жаштар ишке ашырат. Биз шарт түзүүгө тийишпиз. Өткөндө биздин жаштар кандай максаттарга умтулат, кай дөөлөттөрдү бекемдеп, кандай нравалык принциптерди туу тутат, эмнени чанат, нени кадырлайт, кыйратары не, жаратса эмнени жаратат деген сымал талылуу маселелер бизди түйшөлтүүгө тийиш. Z-муундун түрпөтүн дурус билген киши аз, бирок дүбүртү катуу. Ушул тапта Z-муун дүйнөнүн булуң-бурчунда ар кайсы өлкөнү солкулдатып жибергенин көрдүк го. Биздикилердин дабышы угулбайт, караанын анча билинбейт. Алеки саатта дүрт деп чыга калышы да ыктымал. Биз алар наразы болуп, бет маңдайыбызга келгенде калдастап калбаш үчүн алардын кызыкчылыктарын, умтулган максаттарын, келечек мүдөөлөрүн, кыял-жоругун, кыйнаган проблемаларын жакшы билишибиз кажет. Социологиялык, политологиялык, культурологиялык, экономикалык жана башка өңүттөрдөн карап, терең жана комплекстүү изилдөөлөр деле байкалбайт.**

Ушу тапта суммардык мааниде дүйнөнүн бештен бирин ээлеген, калктын алтыдан бири жашаган аймакта куралдуу жанжалдар, конфликттер, атайы операция, кыскасы, ар кандай аталса да насили согуш жүрүп, кан төгүлүүдө. Согушту негизи чоңдор баштайт, бирок басымдуу катышуучулары да, негизги курмандыктары да жаштар. Жоокерлер, комбатанттар, ыктыярчылар, кол салгандар жана коргондор, жалданмалар, вагнерчилер, моджахеддер, террорчулар, жихадчылар, айтор кан майдандагы куралчандар – жаштар.

Жаштардын аныктамасында да дүйнө орток пикирге келе элек. Жаш деген курактын ченеми ар түрдүү. Бириккен Улуттар Уюму 15 жаштан 24 жашка чейинки адамдарды жаштар категориясына киргизет. 1981-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы ушундай чечим кабыл алган. 25 менен 44 жаштын ортосундагылар жаштар болуп эсептелет – бул Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун аныктамасы. Бирок ар бир өлкө өнүгүү деңгээлине, шартына жана салт-санаасына жараша жаштык деп түрдүү куракты атайт. Кыргызстанда жаш деп 14 менен 35 жаштын ортосундагылар эсептелет. Кыргызстанда калктын 24%ы же бир жарым миллиондон ашык киши ушул куракта. Россиянын мыйзамдарына ылайык, жаш деп 14 жаштан 35 жашка чейинки куракташтар эсептелет. Казакстанда былтыр кабыл алынган мыйзамга ылайык, жаштардын курагы 29дан 35ке жогорулатылды. Англияда жана Нидерландияда жаштар өзүнчө социалдык-демографиялык топ катары эсептелинбейт, ымыркай кезинен 24 жашка чейинкилердин баарын жаштар деп коёт. Испанияда 14төн 30га чейинки куракташтар – жаштар. Демографиялык аныктамалардагы айырмачылыктар жаштардын саясий, социалдык, маданий статусуна жана ролуна карата мамиледе да даана байкалат. БУУнун эсеби боюнча, азыр жаштардын (15-24 жаш) саны 1,2 миллиард, бул калктын 16%ы. Ал эми 30 жашка чейинкилерди кошкондо калктын теңин түзөт экен. Жаштар деп бир топко шарттуу бөлгөнүбүз менен булар ортосунда айырма абдан чоң ар түрдүү контингент: окуучулар, студенттер, адистер, билимдүүлөр, билимсиздер, жумушсуздар, эмгекчилер, бекерпоздор, мигранттар, жаратмандар, кыйраткычтар, динчилдер, агностиктер, атеисттер, улутчулдар, глобалисттер, тилектештер, антагонисттер, жашылдар, солчулдар, оңчулдар, консерваторлор, новаторлор, нигилисттер, мураскерлер ж.б. Жаштар ар бири кайталангыс жана окшош, түрдүү кызыкчылыктарды көздөгөн түркүн адамдар. Ошондуктан дүйнөдө жана ар бир өлкөдө, ар кайсы аймакта жаштар ар түрдүү, бирок окшоштуктары да бар.

Айрымдар жаштарды объект катары эсептешет. Туура, камкордуктун, тарбиянын, билим берүүнүн объектиси. Жаштар үчүн социализациялоо процессинин объектиси деген статустун, мамиленин өзү көйгөй. Көз карандылык ролду, камкордукка муктаждыкты бекемдейт, өз алдынчалыкты чектейт же тескерисинче, айыгышкан каршылыкты, танууну, тарбияга, улуулардын баалуулуктарына карата антагонизмди жаратат. Бул боло келген, болмогу анык универсал проблема. Жаштарды саясатта таасир этүүнүн объектиси, тез мобилизацияланууччу электорат, маданиятта – мураскер, идеологияда – курал катары колдонуу тажрыйбасы мол. А чындыгында жаштар социалдык, укуктук, мүлктүк жана саясий мамилелердин бир эле мезгилде пассивдүү объектиси дагы, активдүү субъектиси дагы. Мисалы, жаштар саясий процесстердин демилгечиси жана негизги фактору болгон учурлар тарыхта арбын. Алыс барбайлы, мындан 35 жыл мурдагы Кыргызстандын көз карандысыздыгын калыбына келтирүү процесси кыргыз студенттери, кыргыз жаштары менен ажырагыс байланышта. Өз алдынча мамлекетти калыбына келтирүү, суверенитетти орнотуу идеясы студенттик аудиторияларда суверенитет тууралуу акт, көз карандысыздык жөнүндө декларацияга чейин бир канча жыл мурда талкууланып келген. Биз, студенттер, ошол орошон окуяларда күбө ролу менен чектелбедик, демилге көтөрдүк, тобокелге бардык, кыймыл уюштурдук, тике катыштык, батыл аралаштык. Ошол татаал процесстин негизги демилгечилери, кыймылдаткыч күчү жаштар болгону анык. Адамзат үчүн прогресс алып келген идеялар студенттик аудиторияда жаралып, жаштар арасындагы популярдуу темалар калың массаны жетелеген. Бекеринен чыгаан саясатчылар, акылман окумуштуулар орошон ойлорун студенттер, жаштар арасында алгач угузган. Маселен, Уинстон Черчилль атактуу Фултон сөзүн, Жон Кеннеди "Тынчтык сөзүн" студенттердин алдында, окуу жайдын аудиториясында айткан. Ошентип, жаштар коомдо жана саясатта жигердүү роль ойноого жарактуу. Жарактуулук дайыма эле ошондой ролду ойнойт дегендикти билдирбейт. Бирок жаштардын саясаттагы ролун аныктаган, ишке ашырган туруктуу жана эффективдүү институт дүйнөдө жарала элек. Декларациялар, кыймылдар, уюшмалар, топтор, партиялар бар, ал эми институт жокко эсе.

Жаштар өнүгүүнүн стратегиялык ресурсу, потенциал, баалуулук. Объектиге караганда ушул аныктама адилеттүү жана туура, бирок баарын камтый албайт.

Жаштар – бул учур жана келмеги анык, реалдуу келечек.

Жаштар арасында жаралган идея – эртеңки иш, жаштар арасындагы азыр түптөлүп жаткан маданият – эртең чоңдордун маданияты, жаштар умтулган баалуулуктар – эртеңки коом. Коомдогу проблемалардын башаты жаштарга байланыштуу.

Жаштарга карата дүйнө мамлекеттеринде мамиле да ар түрдүү. Жаштар да ар кайсы мамлекетте ар кандай позицияны ээлейт. Ааламдашкан дүйнөдө жаштар ар кандай абалда. Маселен, АКШда жаш болуу артта калган өлкөдөгү курбалдашына караганда таптакыр башка турмуштук реалдуулук, бөлөк экзистенциялдык проблема. Айрым өлкөлөр жаштарга жетиштүү көңүл бөлө алууга акылы да, акчасы да жетет, башкаларынын же акылы, же каражаты жетпейт. Швецияда мамлекеттик саясат жаштардын жаштыкты жаш бойдон өткөрүүсүнө багытталган. Негизинен жаштардын функционалдык билим алуусуна, кесипке даярдоого, татыктуу иштөөгө шарт түзүүгө жана эң башкысы, мыйзамды сыйлаган жаранды калыптандырууга багытталган.

Жаштардын өзүнүн функциялары бар. Жаштардын эң негизги функцияларынын бири – бул генеративдик озуйпасы, башкача айтканда, жаратуу озуйпасы. Дүйнөдөгү эң ири, адамзат өнүгүшүнө таасири эбегейсиз илимий ачылыштар, адабиятта жана искусстводогу орошон чыгармалардын 70 пайызын 20 менен 40тын ортосундагы инсандар жаратканын англиялык окумуштуулар эринбей эсептеп чыккан. Кайран элдин кайран улан-кыздары эмне менен гана алектенгени жок. Бирөөнүн оозун карап, арбалган киши арбын, бирок бирөөнүн колун караган киши аз. Мал менен оокат кылып, "жайылган койго көз салып, жамбаштап жатсаң сонун да" деген уйкаш саптар тамаша. "Ыр" деп да айтууга болбойт, азыр модага айланган жамакчылардын чыгарганы. Малчылык жалкоонун иши эмес, катаал шартта тыным албаган эмгектин иши. Кыскасы, бу базар экономикасы доорунда эртеден кечке тырмалап оокат кылган эл, жанын оозуна тиштеп тышта иштеген жаштарыбыз, кара жанын карч урган калк. Мыкты, чыгаан жаштар илимде, саясатта, бизнесте пайда болууда. Айтор, жаштарыбыз тынымсыз изденүүдө.

Жаштар – конкреттүү тарыхый кубулуш. Ар бир муун тарыхый процесстин туундусу. Ошол эле учурда жаштар тарыхый процесстердин кыймылдаткыч күчү, өзгөрүүлөрдүн фактору, маданий-интеллектуалдык жана социалдык баалуулук. Маселен, 1920-1930-жылдардагы кыргыз жаштары – чыныгы жаратмандар. Пассионардуу муун. Бир кылка жаштардын бир мезгилде жарк этип аренага чыгып, улут жүгүн көтөргөн, тагдыр чечкен иштердин башында турган учуру сейрек көрүнүш. Бирок кайталанма көрүнүш. "Кыргыз кереметі" совет доорунда Кыргызстанда ишке ашкан реалдуулук. Кыргыз ренессансы кайра кайталанууга тийиш. Ага тарыхый шарт бар, муктаждык да жетиштүү.

Президент Садыр Жапаров "Жаштар жөнүндө" атайы мыйзамга кол коюп, жаңы муунду тарбиялоо боюнча арналуу жарлыктарды чыгарган. Мыйзамда жана жоболордо алгылыктуу жоболор бар, аткаруу абзел. Маселе жаштарда эмес. Кеп бизде. Өнүгүүнү шарттабай, өксүктөр комплексин жараткан жагдайлар басымдуулук кылып, дагы бир муунду жоготуп албоого тийишпиз. Өлкө ичинде так талашта, байлык талашта абдан акылдуу, өтө куу, айлакер, энергиясы ашып-ташыган, бирок өлкө тышында эл-журт үчүн кармашка жараксыз муун жаратып алсак, анда улуттук трагедия. Кайран жерден, кайран журттан тышкы душман кол салбастан эле "өз ыктыярыбыз" менен ажырайбыз, эптеп калыбына келтирген эркиндиктен, суверенитеттен эч кандай агрессиясы жок кол жууйбуз. Бир да эреже сактабай, мыйзамды урматтабай максатка жетүү ийгиликтин ачкычы экенине биротоло ынанган муун өстүрүп албасак болду. Кыргызстанда жаштарга арналган мамлекеттик саясаттын приоритеттери ушул милдеттерди чечүүгө багытталуусу абзел.

Азыркы Кыргыз ренессансы дегенибизде биз жаштардын жаратман энергиясын өнүгүүгө жумшоо, таланттарды колдоо, аларды шыктандыруу жана даңазалоону түшүнгөнүбүз кажет. Жалпы улуттук "Кыргыз Туусу" гезити былтыртадан бери идеологиялык, маданий жана агартуучулук бир топ долбоорду ишке ашырууда. Маселен, "Эмгек баатыры" долбоорубуз Алыкул айткан карапайым эмгекчинин жаркын образын түзүүгө жана пропагандалоого арналган. Эми илимде, көркөм өнөрдө, адабиятта, бизнесте, айтор, ар кайсы тармактагы талантту, чыгаан, дүбүртү катуу жаштарды таап, аларды ар кандай жанрда жана форматта (макала, баян, очерк, интервью, подкаст, гезит бетинде, мультимедиалык каражаттар аркылуу) элге таанытуу, даңазалоо максатында жаңы долбоор баштадык. Ал долбоор "Кыргыз Ренессансы – жаңы толкун" деп аталат. Биз коомчулукка ушул долбоорду сунуштап, жигердүү катышуусун өтүнөбүз.

**Алмаз КУЛМАТОВ,**
**"Кыргыз Туусу" гезитинин башкы редактору**

Үңгү жол

**1991-жылы бардыгы “жогор жактан” чечилген доор аяктап, Кыргыз Республикасы өзүнүн көз карандысыздыгына, эгемендигине ээ болуп, саясий эркиндикке чыкканы менен, идеологиялык жана экономикалык туңгуюкка кептелгендиги баарыбызга белгилүү.**

**Коммунизм идеясы же тоталитардык режим – бардык союздук өлкөлөрдүн аң-сезимин бир нукта былкылдатпай кармап турган эле, эми ал сырткы жана ички күчтөрдүн тынымсыз аракетинин аркасында жок кылынды. Бирок, кызыгы, Кыргызстанда анын ордун алмаштыра турган улуттук идея даяр эмес эле. Ошол эле учурда даярданбай, алдын албай туруп, батыш “баалуулуктарын” киргизгенге шымалана киришкен күчтөр, аларды жигердүү жүзөгө ашырууга шашылган топтор чыкты. ... алар жыйынтыгы кандай болорун ойлонушкан да жоктой.**



# Үңгүжол – улуттук дем менен дүйнөлүк бийиктикке карай

“Жаңы баалуулуктар” көп адамга жакпаганы же каршы болгону менен, “көз карандысыздык” эйфориясы калың элдин катмарын магдыратып, кош көңүл кылып салды. Анын үстүнө “болбойт”, “туура эмес”, “камаласың”, “айдаласың” ж.б. деген коркутуулардан жадаган эл ашыкча эркиндикти бат эле “өздөштүрүп” алды. Ошол маалдагы бийлик улуттук идеология эмес, тамак-аш коопсуздугун чечүүнүн, токтогону калган экономиканы кантип жолго салуунун, башаламандык башталган чарбалардын, кароосуз калган завод-фабрикалардын “көйгөйүн” чечүүгө “кызыгып” кирип кетти.

Албетте, учурдан пайдаланган жаңы “реформаторлор” чыкты. Дыйкан-жумушчулардын, малчылардын ондогон жылдар бою маңдай тер төккөн мээнеттери, сыймыктары, мурастары (сыймыктары дегенибиз, ар бир тармак боюнча союзду дүңгүрөткөн Социалисттик Эмгектин Баатырлары чыккан эле) элге таратылды, бөлүнүп берилди, менчиктештирилди деген шылтоолор менен жылан сыйпагандай жок болду.

Эми баары эле жаман болгон дегендин өзү да туура эмес, ооба, эң биринчи жетишкендик, өлкөнүн көз карандысыздыкка жетишүүсү болду. Айрымдар айтып жүргөндөй, көз карандысыздык өзүнөн өзү эле келип калган жок. Көптөгөн курмандыктар болгон. Алар жөн эле курмандыктар эмес, улутман, сөзү иши менен айкалышкан жаратман, мамлекетчил, далай муундун жаны, каны, өмүрү менен келген эле. Аттиң, көп учурда мурунку жасалган эмгектер, эрдиктер бааланбай калгансыйт ...

Ошентип эгемендиктин алгачкы жылдарында баш мыйзамдан тартып, улуттук символдорго чейинки өзөктүү деп эсептелген чечимдер кабыл алынып, айрым жер-суулардын аталыштарына өзгөртүүлөр кирип, тарыхый чындыктар орнотула баштаган. Аны тануруга болбойт.

Бирок идеология дегенден коркуп калган эски партократ, жаңы демократтар, жаңы идеологияны сунуштагандан негедир карманып турушту. Эң кызыгы, коммунисттик партиянын ишин жүргүзгөн чоң кызматкерлер биринчилерден болуп, ошол советтик идеологияга “жийиркенгендерин” билдирип, макала жазып, аларды гезиттерге баймабай жарыялагандар да чыкты. Анан кантип идеология жөнүндө сөз болсун. Кээде эл кичинекей бала сыяктуу болот тура. Баланы өз оюна койсоң, эрке-талтаң өсүп, ээнбаш, улуу-кичүүнү айырмалабаган, жүрүм-туруму бузулуп чоңоёт. Эл деле ошондой болду. Албетте, баары эмес, бирок көпчүлүгү мурункудай “кой, болбойт” деген чектөөлөр болбогондон кийин, эң негизгиси, мамлекет жумуш менен камсыздап, айлык акы бере албаган соң, бийликтин сөзү кыскарганын түшүнгөн коом, өзүн-өзү биле баштады. Алдуусу алсызын, жулунганы жулунбаганын ачыктан ачык талап-тоноого өттү. Тилекке каршы, кыргыз элинин дүйнөсүнө жат нерселер турмушка батыл аралаша баштады, анын баарын бул жерге батыруу да мүмкүн эместей. Бирок ушунун бардыгы “сөз эркиндиги, адам укугу, Кыргызстан – демократиялык аралча” ж.б. деген ураан-чакырыктар менен “чыгышталып” жатты. Батыштын “далыга чапкан кубаттоосун” алдыңкы жетишкендик катары караган, сыймыктанган учурларга да жеттик.

Эл арасында: “Аккан суу менен баскан эл дайым жол табат” деген накыл сөздүн чындыгы ушул экен, эл карайлап, жегенге эч нерсе таппай, буудай, жүгөрү аңыздарынан машак терип, арпа, загара нан жеп калганда, калк арасынан суурулуп чыккандар биринчилерден болуп, жан соогасы үчүн чет өлкөлөрдү кезди. Алыскы туугандарын эстеди, издеди... Соода деген түшүнүктөн алыс жашаган эл, жаңы коомдук түзүлүш “базар экономикасын” жаратып, өздөрү эле эмес, өлкөнүн жүгүн кошо көтөрө, кыйын-кезең кырдаалдан чыгууга далбас урду.

Ошол учурда гана бийлик элди бириктире турган идея керек экендигин түшүндү шекилди. Себеби жалаң гана экономикалык реформа, экономикалык идеология элди көпкө кармап тура албайт эле. Андыктан улуттун биримдигин чыңдоо, бекемдөө жана этностор аралык ынтымакты күчөтүү үчүн 1994-жылы 22-январда Кыргызстан элинин I Курултайында Кыргызстан элинин ассамблеясы түзүлүп, ал жерде “Кыргызстан – жалпыбыздын үйүбүз” деген мамлекеттик маданий ураан кабыл алынды.

Алгач, аталган ураан эң жогорку деңгээлде эл тарабынан колдоо тапкан. Анткени байыркы мезгилдерден бери осуят болуп келе жаткан “Кулаалы таптап куш кылган, Курама жыйып журт кылган” кыргыз эли бул ураансыз деле башкалар менен канатташ, улагалаш жашаганды өз жанынан артык көргөн эмеспи. Үйгө киргенин төргө өткөрүп, бекиткен тамагын, жаңы төшөгүн салып бергенди адатка айланткан элге ал кыйындыкка деле турган жок. Ошентсе да айрым коомдук катмарларда мамлекеттик кызматтарда тең салмактуулук сакталбай жатат деген пикирлердин жаралышы, жумушсуздукка окшогон көйгөйлөр тууралуу коомчулукта сын пикирлер күчөп, анын натыйжасында жогорку ураан мамлекеттик риторикада мурдагыдай активдүү колдонулбай калды.

90-жылдары пайда болгон “Базар экономикасы” билим берүүнү, саламаттыкты сактоону да бизнеске айлантууга уруксат бергендигине байланыштуу өлкөлөр аралык келишимдер менен түзүлгөн университеттер, жеке менчик жогорку окуу жайлар, оорукана, клиникалар ачылды. Бул бизнес эле эмес, кайсыл бир деңгээлде элди алаксытуу да болчу. Советтик доордо агротармакты кармап туруш үчүн элдин азыраак, кичине гана пайызына жогорку окуу жайларда билим алууга уруксат берилген. Тактык үчүн белгилей кетели, 1990-жылга карата 58 000 студент окуган, ошол учурдагы элдин санына карата 1,5 пайыз, салыштыруу үчүн, учурда 234 000дин тегерегинде студент окуйт, бул 3,25 пайызды түзөт.

Ушул жерден советтик идеологиянын дагы бир учугуна токтоло кетели, советтик система он беш союздук республиканы экономикалык жактан бири-бирине ушунчалык чырмаптыр, майда өлкөлөр аны түйүнүн чечип алууга ондогон жылдарын коротушту. Бир эле мисал, машинанын тетиктери башка союздук өлкөлөрдө жасалат, чогултулганы башка жерде, же болбосо электр энергиясын Кыргызстан өндүргөн, Өзбекстан бөлүштүрүп берген. Жүндү, кызылчаны Кыргызстан өндүрүп, Украина жана Прибалтика өлкөлөрүнө жөнөтөт, ал жактан даяр товар болуп, кайра өзүбүзгө саткан. Мындай мисалдар ого эле көп, бул алардын бардыгын экономикалык жактан бири-бирине көз карандылыкка атайын алып келүү дегенди түшүндүргөн.

Ошентип 1995-жыл кирип келди. Кыргызстан дүйнөлүк деңгээлдеги иш-чараларды өткөрүп, тышкы саясатта өзүнүн позициясын бекемдеши керек болгон. Мына ушунда, тээ 1930–1940-жылдары көтөрүлүп, бирок колдоо таппай калган “Манас” эпосу улуттук идеология катары айтыла баштады.

Эпостун миң жылдыгын белгилөө, манасчылык өнөрдү колдоо аракеттери улуттук өзөктү ойготууга багытталган маанилүү кадамдардан болду. Бирин-экин маданий комплекстер курулуп, атайын дирекциялар ачылган. Бирок бул аракеттер да көбүнчө маданий иш-чаралардын деңгээлинде калып, Манас идеясы идеологиялык модель катары калыптана албады. Эң сонун түзүлгөн “Манастын жети осуяты” элдин терең катмарына сиңбеди. Жеткирүү механизми жетишсиз болду өңдөнөт. Ооба, ага көптөгөн себептер тоскоолдук жаратты.

Демек, идеологиялык изденүүлөр башталды, уланды, бирок, системасыз жана көбүнчө реактивдүү мүнөздө жүрдү. Себеби 2003-жылы өткөрүлгөн Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы өтө чоң масштабдагы, т.а., БУУ тарабынан да жактырылган иш-чаралардын бири болгон эле. Бирок, айрым тарыхчы адистер айтып жүргөндөй, биз Кыргыз мамлекетинин талкаланган учурун “майрамдаганбыз”. Кандай болгон күндө да, ошол иш-чара аркылуу Кыргыз мамлекетинин эң байыркы экендигин даңаза кылып алгандыгыбыз, өзгөчө, тышкы саясатта жетишкен ийгиликтеринин бири болуп калды десек жаңылышпасак керек.

2005-жылкы Март ыңкылабы саясий системанын нугун башка жакка бурду. Кыргыз эли коомдо эң биринчи адилеттүүлүк болушу керек деген оюн так билдирди. Тилекке каршы, бул учурда да улуттук идеологияга көңүл буруу кийинки орунга коюлду. 2005-жылдын 30-декабрында гана атайын тескеме менен, курамы он тогуз адамдан турган Улуттук комиссия – жумушчу топ түзүлүп, төрагасына – Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы Дастан Сарыгулов дайындалган. Алар “Биримдик аркылуу өнүгүү” жана “Кыргыз элинин нарк-нуска макал-лакаптары – Улуттук идеологиясын” сунушташкан.

Ошол эле учурда алар менен катар, белгилүү окумуштуу Осмон Тогузаков башында турган топ, өз алдынча, эки вариантты: улуттук жана мамлекеттик идеологияны иштеп чыгып, улуттук идеология бөлүгү “XXI кылымда Кыргызстанды сактап калуу; мамлекеттин биримдиги, элдин ынтымагы” деп атап, анда бир топ орчундуу маселелер киргизилген.

Аталган долбоорлор өлкөнүн жогорку жетекчилигин ишенимдүү ынандыра албады көрүнөт. Токтоп калды, бир аз убакыт өткөргөндөн соң улуттук идеологияны →

← жүргүзгөн Мамлекеттик катчылык институттун өзүн жоюп жибериишти.

2010-жылы өлкөдө саясий кырдаал дагы күчөп, кандуу тeңкөрүш болуп өттү. 90го жакын адам курман болуп, жүздөгөн адамдар жарадар болушту. 7-апрелде эмес, 8-апрелде төңкөрүшкө катышкан "революционерлер" бийликти ачык эле бөлүп, рейдерлик басып алуулар көп болду. Адилеттүүлүк орномок тургай, көп учурларда адилетсиздик бийик чекке жетти. "Көпчүлүккө көө сүртпөйлү", бардык жерде эле болду деген тартынып турабыз. Себеби, жамааты ынтымактуу, биримдиктүү мекемелер өздөрүнүн чыныгы жетекчилерин коргогон, кызматтан кетирбей койгон учурлары да болду. Албетте, өздөрү кууган учурлары андан көп болду...

Адилет, кандай гана так айтылган сөз э?... Көрсө, адилеттүүлүктү кимдир бирөөлөрдөн эле талап кыла бербей, адилеттүүлүктү эң биринчи өзүңдөн башташ керек экен да.

Бул жылдары улуттук биримдикти, тышкы саясатты улуттук оюндар менен бекемдейбиз деген дымак менен "Көчмөн оюндары" башталды. Кыргыз элинин сыймыгы ойгонгон жок дегенден алыспыз, бирок кашайып, баары эле оюнду карап олтура бербейт экен да. Арасынан жек көргөндөр да чыгат тура. Элдин баарына жагыш кыйын, эң коркунучтуу адам гана баарына жагам деп аракет кылат. Ошон үчүн комплекстүү аракет кылыш керек болчу. Анын үстүнө жалаң эле идеология деп үстүнөн түшүп алсаң мындан да жадагандар чыгат, элдин табияты ушундай бат эле жадап турат.

Мына ушундай шартта коомчулук өзү демилгелеп, урруулук курултайларды уюштуруп, өз алдынча "бийлерди" шайлап, түрдүү бирикмелерди түзө баштаган. Бийлик алардын демилгелерине эч кандай тоскоолдуктарды жаратышпады, оюна койду. Тетирисинче, улуттук деңгээлде белгиленген "Көчмөндөр оюну" сыяктуу дүйнөлүк иш-чараларда урууларды эн тамгалары, туулары мамлекеттин Туусу менен катар көтөрүлгөн учурлар катталды. Азыр деле кайталанып жатат. Ал тургай мамлекеттик органдар, мекемелер да өзүнүн тууларын иштеп чыгып, аны өлкөнүн Туусу менен тиреширип, катар иле баштаашты. Ката, туура эмес дегендер болбоду. Желектердин, байрактардын жасалышына эч ким каршы эмес, бирок Кыргыз Республикасынын Туусу менен аларды бир катарга койгону болбойт, мекеменин желеги өзүнчө жана башка жерде турушу керек дегендер болбоду же "кимдир бирөөлөрдүн" оюна келбеди окшойт.

Элдин сыймыгын ойготуучу, улутту бириктирүүчү күч жана байыркы элдигин илимий негизде далилдүү көрсөтүү үчүн "Алтай цивилизациясы" сунушталды. Албетте, бул сунушту илимий коомчулук, жарандык активисттер тарабынан жактыргандар да болду, кескин сынга алгандар да болду, айтор, уланбай токтоп калды.

Андан кийин өлкөдө ички саясий кармашуулар, ковид апааты улуттук идеология жөнүндө ойлоого мүмкүндүк бербеди окшойт.

2020-жылы күзүндө Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоонун жыйынтыгы менен элдик толкундоолор чыгып, анын жыйынтыгы менен өлкөнүн жогорку саясий жетекчилиги алмашты. Өлкөнүн жетекчиси элдин талабына ылайык мамлекеттик башкаруу формасынан баштап, Баш мыйзамга чейин кескин өзгөртүүлөргө барды. Бирок баарынан мурда улуттук идеологияга өзгөчө көңүл буруп, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров 2021-жылдын 29-январындагы № 1 "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы" жөнүндө Жарлыгына кол койду.

Жарлыктын аталышы айтып тургандай, элдин жашоосу оңолгону, өскөнү менен руханий жакырчылык, кайдыгерлик жөө тумандай каптап, коом ичинен ирип, түрдүү маданияттардын кагылышуулары көбөйүп, алар таңылоонун деңгээлине көтөрүлүп калган эле. Ар бир кызыкчылыктын көмүскө колдоо-чулары, сүрөөнчүлөрү болбой койгон эмес. Көпчүлүгү көмүскө колдоочулардын түпкү максаттарын түшүнбөй, түшүнгүсү келбей эле, финансылык кызыкчылыкка жетеленип, аларга курал болуп берди.

Аталган биринчи Жарлык коомчулук, өзгөчө, илимий интеллигенция тарабынан абдан жакшы кабыл алынды. Аткарууга тез эле алынды. Бирок коомчулуктун терең катмары идеология катары кабыл алгысы келбеди. Себеби анын эң жөнөкөй жүйөөсү, Жарлыкта бир да идеология деген сөз киргизилген эмес. Ошондой эле Жарлыктын узун аталып калышы да себеп болду окшойт. Ага улай эле, тагырагы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы № 54 "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгы чыкты. Бул Жарлыкты туура эмес кабыл алгандар да чыкпай койгон жок. Негизги аргументтери "кыргыз элинин салтына каршы чыгуу, жоготуу" деп кабыл алгысы келгендер, айрыкча, интеллигенциянын айрым өкүлдөрү ачык сынга алды.

Ал эми Жарлыктын тексти менен толук тааныш болгондор, чынында эле, эсеби жок ысырапкорчулукту токтотушубуз керек деген көпчүлүк басымдуулук кылды. Атайын нускамалар иштелип чыгып, түшүндүрүү жана тыюу иштери жүрдү. Бирок, жаап-жашырымыш этип өткөргөндөр көбөйдү. Элдин билимдүү, илимдүү өкүлдөрү, айрым бийликте, кызматта тургандар деле тойтопурду ашыкча ысырап менен өткөргөндү токтотушпады. Кары-картаң ата-апалар: "зыйнатымды кара мал союп өткөрбөсөңөр көрүмдөн туруп келем" деп коркуткандар да чыкпай койбоду. Алгач, илимий-маданий интеллигенция, мамлекеттик кызматкерлер жабыла аткарууга алат деген ишеним болгон, бирок тилекке каршы, ошол "юбилярлар" "моюн толгошту". Демек, убакыт керек экен...

Ага катар Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 20-майындагы № 157 "Улуттук нарк жөнүндө" Жарлыгы чыкты. Башкача айтканда, биринчи Жарлыктар жаңыдан аткарылып баштаганда кийинкилери чыгып, бирин-бири толуктай баштады. Бирок бул документте да идеология деген сөз бир жеринде да колдонулган эмес.

Эмнеге дегенде, адамзатка идеология жакшылыктан жамандыкты көп алып келгендиги менен элдин эсинде абдан калыптыр. Алардын ачык мисалы, фашизм, нацизм, тоталитаризм ж.б.

Мурунку, кийинки идеологиялык иш-чараларды карагандан кийин, атайын жумушчу топ түзүлүп, алар бир жыл аралыгында долбоор иштеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизишти. Албетте, оңдоптүздөө, кошумчалардан соң, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы № 369 "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу жөнүндө Жарлыгы кабыл алынды. Ал мурунку идеологиялык аракеттердин логикалык уландысы катары сунушталды. Жарлык дээрлик жакшы кабыл алынды, айрым тилчилердин, коомдук ишмерлердин пикирлерин эске албаганда...

Советтик мезгил бизге атактуу окумуштууларды, жазуучуларды, маданий жана саясий ишмерлерди бериптир. Бирок алардын басып өткөн жолдорун карап турсаң өтө татаал болуптур. Анткени, ал доордо колдоодон да сындоо эң бийик деңгээлге чейин көтөрүлүптүр. Кээ бир сынды көтөрө албаган таланттар, карьерасын баштай электе эле сынышыптыр... Ошол сыңары маани-маңызына эмес, формасына, башкача айтканда, жазылышына тийишкендер, "оңдогондор" көп болду. Демек, акыркы 30 жыл илимде "застой" (сенек) болуптур дебеске арга жок калды.

Ар бир элдин басып өткөн тарыхында көрүнбөгөн, бирок баарын бириктирип турган ички багыт болот. Ал мыйзам менен жазылбайт, ураан менен эле жарлабайт. Ал элдин эсинде, тилинде, каада-салтында, дүйнөнү таанып-билүү эрежесинде жашаган уңгужолу.

***Уңгужол – бул идеология гана эмес. Ал дүйнөтаанууну кыргызча модели. Кыргыз коомунда мыйзамдан мурун – нарк, институттан мурун – адат, абийир, өкүмдөн мурун – уят иштеген. Мына ушул ички тартиптер, эрежелер элди мамлекеттүү кылбаса да, эл катары сактап келген. Уңгужолдун өзөгүндө адам – коом – мамлекет үчилтиги бири-бирине каршы эмес, бири-бирин толуктаган система түшүнүгү. Бул жерде мамлекет адамды басынтпайт, адам коомдон обочолонбойт, коом мамлекетти душман көрбөйт.***

***Эске ала турган жагдай, кыргыз улуттук деминин эң бийик көркөм жана философиялык туюнтмасы – "Манас" эпосу. Ал жөн гана баатырдык дастан эмес, коомду уюштуруунун, бийликти мыйзамдаштыруунун, элди бириктирүүнүн ачкычы. Айкөл Манастын күчү – жеке бир баатырдын күчү эмес, ал элдин деминен жаралган күч. Ошондуктан Уңгужолдо Эр Манастын образы эстетикалык символ катары гана эмес, дүйнөтаанымдык таяныч катары кабыл алынган. Себеби, кийинки-мурунку доорлордо кандай гана улуу инсан чыкпасын, улуу лидер чыкпасын, алар Манастын демине, осуятына жана жолуна таянышкан.***

Заман, коом, баалуулуктар өзгөрдү, бирок улуттук дем эч качан эскирбейт. Балким, өзгөрүүгө ылайыкташат же жоголот. Бүгүнкү кыргыз коомунда негизги көйгөй улуттук демдин жоголушунда эмес, анын багытынын бүдөмүктүгү, башка маданий таасирлердин күчөшү, тандалышы. Уңгужол дал ушул жерде өзүн көрсөтөт: ал элге – ким элек, ким болдук, ким болобуз? – деген суроону коёт. Кыргыз элинин дүйнөтаанымында, бай болуу, күчтүү болуу же адилеттүү болуу деген суроолор бири-бирине каршы келбейт. Адилет коом гана туруктуу өнүгөт, нарктуу эл гана бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, дүйнөлүк бийиктикке чыга алат.

Дүйнөлүк бийиктик башка элдерден үстөм болуу дегенди түшүндүрбөйт. Бул – өзүн элдигин жоготпой туруп, дүйнө менен тең сүйлөшө алуу дегенди билдирет. Дүйнөлүк бийиктик эне тилин сактап, наркнасилин жоготпой, илим-билимде, маданиятта өнүккөн өлкөлөр менен атаандаша алуусу менен аныкталат. Демек, дүйнөлүк бийиктикке чыгуу үчүн биринчи кезекте улуттук демди тактап алуу керек.

***Уңгужолдун күчү анын эстутумунда. Элдин баскан жолу эскерилип турбаса, ал унутулат. Унутулган нерсе оңоюу менен калыбына келбейт. Дагы бир коркунуч бар, эгер Уңгужол мыйзамдардын тизмесине айланып калса, ал өлөт. Мыйзам бул жансыз эрежелер, алар коомчулук каалаган күнү каалагандай өзгөртүп алышы мүмкүн. Ал эми Уңгужол тирүү организм сыяктуу, коомдун, акылэстин өзгөрүшүнө жараша ылайыкташып кете берет, анын уникалдуулугу мына ушунда.***

***Кыргыз эли көөнө тарых жолунда, көп ирет мамлекеттүүлүгүнөн ажыраган, бирок элдүүлүгүнөн, өз жолунан ажыраган эмес. Анткени Уңгужол дайым коштоп жүргөн.***

Ошол эле учурда Уңгужолду абстрактуу философия катары караганга да болбойт. Анда улутту далай жолу сактаган, коомду иретке келтирип турган так багыттар бар. Бул багыттар бири-бирисиз жашабайт, анткени бир тамырдан чыккан өзөк сыяктуу, өзөгү бөлөк көрүнгөнү менен тамыры менен бутактары бири-бирине биригип турат. Уңгужолдо белгиленген 7 багыт – 7 өзөк (7-багыт: Таалим-тарбия, илим, билим жана маданият, Айлана-чөйрө, Экономика, Мамлекеттик тил, Социалдык мамилелер, Дене тарбия жана спорт, Дин), 4 бөлүм – 4 кабык. 4 кабык 7 өзөктү ороп турат (4 бөлүм: Кыргыз жери, Кыргыз эли, Улуттук сыймык жана жарандык мекенчилдик, Кыргыз жараны).

Жети багыттын мааниси – элди жасалма ураан менен эмес, ички жоопкерчиликтин алдында бириктирүү. Анткени кыргыз тарыхы тастыктап келгендей, элди күч менен эмес, ишеним менен башкаруу ийгиликтүү натыйжа берген. Уңгужол дал мына ошол ишенимди кайрадан калыптандырууну көздөйт. Ошондуктан ишеним алгач мамлекетке эмес, адегенде адамдын өзүндө, абийиринде болушу керек. Демек, Уңгужолдун негизги дареги – мамлекеттик кызматкерге эмес, кыргыз жаранына багытталган. Ал эми белгиленген 7 багыт, кыргыз жаранынын калыптанышынын куралы, тепкичи, ийгилик сырынын ачкычы болуп саналат.

Уңгужолдун кошумча төртүнчү бөлүмү мындан да терең. Алар кыргыз коомунун өзөгүнө түздөн-түз тиешелүү болгон түшүнүктөрдү кайрадан тактап берет. Мекенчилдик бул жөн эле кургак патриоттук сезим катары эмес, жоопкерчилик катары берилген. Мекенди сүйүү – аны мактоо, даңазалоо гана эмес, аны биринчи кезекте сактоо, бузулганын оңдоо, өнүктүрүү, булар колуңдан келбесе – уят кылбоо. Кыргыз дүйнөтаанымында мекен – ата-бабалардан калган мурас гана эмес, кийинки муунга өткөрө турган аманат. Андыктан чыныгы мекенчилдик сөздө эмес, иште далилденет.

"Кыргыз жараны" түшүнүгү да Уңгужолдо өзгөчө маани менен берилген. Түшүнгөндөр үчүн, бул этностук чектөөлөргө негизделген түшүнүк эмес, улуттун же өлкөнүн кызыкчылыгын көздөгөн жарандык позиция. Кыргыз жараны – бул мамлекеттен талап кылганды гана билген адам эмес, мамлекет үчүн эң ириде жоопкерчилик алган адам. Мындай жарандар мыйзамды корккондуктан эмес, абийир, ар намыстуулуктан улам сактайт. Уңгужолдун кыска вазийпасы дал ушундай жаранды тарбиялоону көздөйт.

***"Кыргыз эли" түшүнүгүнө бир этнос эмес, Кыргыз Республикасынын территориясында жашаган бардык улуттардын өкүлдөрү кирет. Ал жерде тилдик, диндик, расалык таандыктар каралбайт, кароого жол да берилбейт. Эл бул жөн гана калк эмес, алар орток тагдырды, орток эрежени, орток жоопкерчиликти моюндарына бирдей алган жамаат. Кыргыз элинин тарыхый күчү анын биригe алганында эмес, бөлүнбөй сакталып тургандыгында. Уңгужол ушул асыл сапатты заманбап шартта кайра жаратууну көздөйт.***

***"Кыргыз жери" экономикалык ресурс же географиялык чек катары каралбайт. Ал баарыбыз үчүн – тарых, эс-тутум, ыйык жер. Кыргыз жери – кыргызстандыктар дем, күч алуучу касиет. Тоо, суу, жайлоо, өрөөн мунун баары адам өмүрүнүн көз ирмемдери. Жерге болгон ыйык милдет жаратылышты сактоо же өстүрүү менен гана чектелбейт, ал ошол жердик элдин руханий байланышын да бириктирет.***

Жыйынтыктап айтканда, Уңгужол сырткы коркунучтарга эмес, дал ушул ички коркунучтарга карата сунушталган руханий азык. Ички маани-маңызын жоготкон улуттук баалуулуктар кийинки муун тарабынан колдонуудан чыгып, башка, чет элдик маданияттарды "тирилтип", өзүнүкүн чанып, жийиркенген, кош көңүл, кайдыгерчилик баскан заман орносо, миңдеген жылдык тарыхы бар эл жок болбой койбойт. Тарых тастыктагандай, көптөгөн өлкөлөр цивилизациянын жоктугунан эмес, ошол цивилизацияны көтөрө албай жок болгон.

Уңгужол өткөнгө кайтууну эмес, өткөндү түшүнүп, келечекке багыт берүүнү көздөйт. Катуу айтканда, кыргыз коому бүгүн тандоонун алдында турат: же сырттан келген моделдерди механикалык түрдө көчүрүп, өзүн өзү жоготот, же өз уңгусуна таянып, дүйнө менен тең ата сүйлөшкөнгө жетишип, көп элге үлгү болор.

Албетте, бул жол жеңил эмес. Ал тынымсыз эмгекти, сабырдуулукту, чыдамдуулукту, негизсиз ички тартипти талап кылары шексиз. Таң калыштуусу, кыргыз тарыхында эң оор жолдор эң туруктуу жыйынтыктарды берген, таң ...



Уңгужол да ошондой жол. Ошондо гана улуттук дем ойгонуп, дүйнөлүк бийиктик ураан эмес, табигый жыйынтыкка айланат.

**Октябрь КАПАЛБАЕВ,
И. Арабаев атындагы КМУнун профессору, тарых илимдеринин доктору**

## Дональд Трамптын Тынчтык кеңешинин биринчи жыйыны:
# эл аралык дипломатияны кайра форматтоого аракетпи



© Carlos Barria/REUTERS

**Вашингтондо АКШ президенти Дональд Трамптын алдындагы Тынчтык кеңешинин биринчи, көптөн күткөн жыйыны болуп өттү. Ак үй демилгелеген жаңы эл аралык формат Газадагы кырдаалды турукташтыруу жана ок атууну токтотуу режиминин аткарылышын көзөмөлдөө боюнча аракеттерди координациялоочу аянтча болууну көздөйт. NBC News билдиргендей, иш-чарага 40тан ашык мамлекеттин өкүлдөрү катышары айтылган. Бирок АКШнын айрым негизги өнөктөштөрүнүн биринчи жыйынга катышпай калганы бул демилгени колдоонун деңгээли боюнча суроолорду жаратты.**

Талкуунун негизги темасы Газадагы жаңжалдын кийинки жөнгө салуу баскычы болду. АКШ администрациясы Тынчтык кеңешин тез дипломатиялык аракет көрүү жана гуманитардык, полициялык жана аскердик миссияларды практикалык координациялоо куралы катары карайт.

Президент Трамп айрым өлкөлөр коопсуздукту камсыз кылуу жана кырдаалды турукташтыруу үчүн өз контингенттерин аймакка жөнөтүүгө даяр экенин белгиледи.

Өз сөзүндө президент Трамп Иран менен сүйлөшүүлөр темасын да козгоп, алардын жыйынтыктары жакынкы 10 күндүн ичинде» белгилүү болушу мүмкүн экенин айтты. Бул комментарий Жакынкы Чыгыштагы коопсуздуктун кеңири регионалдык контекстинде мүмкүн болгон жылыштарга ишара катары кабыл алынды.

Негизги билдирүүлөрдүн бири – жаңы органга каржылык колдоо көрсөтүү тууралуу жарыя болду. Дональд Трамп АКШ Тынчтык кеңешине 10 миллиард доллар бөлөрүн айтып, бул сумманы «согуштун баасы менен салыштырганда анча чоң эмес» деп атады. Анын айтымында, демилгенин башка катышуучулары жалпы жонунан 7 миллиард долларга жакын каражат убада кылышкан. Бул каражаттар гуманитардык программаларга, инфраструктураны калыбына келтирүүгө жана жаңжал аймагындагы коопсуздукту камсыздоого багытталмакчы.

Ак үй – Тынчтык кеңеши учурдагы эл аралык түзүмдөргө караганда кризистерге ыкчам жооп бере алган, практикага багытталган механизм катары ойлонулганын баса белгилейт.

Президенттин Тынчтык кеңеши Бириккен Улуттар Уюмунун ишмердүүлүгүн белгилүү бир деңгээлде «көзөмөлдөйт» деген билдирүүсү өзгөчө көңүл бурдурду. Трамптын айтымында, жаңы түзүм «иш жүзүндө БУУнун ишин көзөмөлдөп, анын талаптагыдай иштешин камсыздашы керек». Бирок ал кайсы так механизмдер жөнүндө сөз болуп жатканын тактаган жок.

Бул сөздөр айрым өлкөлөрдө этияттыздык жаратты: алар Тынчтык кеңеши убакыттын өтүшү менен БУУнун ордун басып алууга же анын эл аралык коопсуздук системасындагы ролун алсыратууга аракет кылышы мүмкүн деп кооптонушат. Бир нече мамлекет дал ушул кооптонуулардан улам демилгеге дароо кошулууга даяр эместигин билдиришти.

Парадоксалдуу түрдө, буга чейин БУУну кескин сынга алып келген Трамп бул жолу АКШ уюмду колдоого алып, анын «жашоого жөндөмдүүлүгүн» камсыздоого көмөктөшөрүн баса белгиледи. Ал БУУнун объекттерин каржылоого жардам берерин убада кылып, «Бириккен Улуттар Уюмун бекемдөөнү» көздөөрүн, аны алсыратуу ниети жок экенин билдирди.

Эксперттер Тынчтык кеңешинин түзүлүшүн АКШнын глобалдык дипломатиядагы таасирин күчөтүүгө жана эл аралык аракеттерди координациялоонун альтернативдүү форматын сунуштоого жасалган аракет катары баалашууда. Бирок биринчи жыйынга айрым негизги өнөктөштөрдүн катышпай калышы бул демилгеге карата белгилүү деңгээлдеги скептицизм бар экенин жана анын узак мөөнөттүү натыйжалуулугуна күмөн саноолорду көрсөтөт.

Тынчтык кеңешинин биринчи жыйыны Трамптын демилгеси кызыгууну да, тынчсызданууну да жаратканын көрсөттү. Бир жагынан – убада кылынган миллиарддаган долларлар жана айрым өлкөлөрдүн Газадагы кырдаалды турукташтырууга катышууга даярдыгы. Экинчи жагынан – жаңы орган БУУ менен атаандашууга кирип, эл аралык институттар системасындагы күчтөрдүн тең салмактуулугун өзгөртүп жибериши мүмкүн деген кооптонуулар. Тынчтык кеңеши чыныгы тынчтык орнотуу куралына айланабы же катуу угулган, бирок талаштуу саясий долбоор бойдон калабы деген эки чоң суроо турат. Аны жакынкы айлар көрсөтөт.

**Төлөн ТУРГАНБАЕВ**

# Иран vs США: расклад сил

**США наращивают военное присутствие в Персидском заливе, стягивая авианосные группы, истребители и системы ПВО, демонстрируя готовность нанести удар. Иран, в свою очередь, разворачивает ракетные комплексы и сеть прокси-формирований, усиливая оборонные позиции. Мир замер в напряжённом ожидании, наблюдая за нарастающей конфронтацией.**

Судя по публичным заявлениям сторон, никто – ни США, ни Иран – не хочет войны, но она, кажется, все ближе и ближе. В этой сложной геополитической игре каждая сторона рассчитывает на свои силы и союзников. Но вопрос, интересующих ныне всех, звучит так: каков реальный расклад сил в регионе?

### На кого опирается Тегеран?

Иран наращивает влияние в регионе не столько через прямые государственные союзы, сколько через сложную сеть прокси-движений и вооружённых формирований. Основные компоненты этой сети находятся в Йемене и Ираке.

Хуситские силы контролируют значительную часть территории Йемена, включая Сану и северные провинции, несмотря на десятилетнюю гражданскую войну. Их численность, по оценкам исследователей, может доходить до 200 000 боевиков, из которых основная часть - непосредственно боевые формирования. Хуситы проводят регулярные атаки дронами и ракетами по судам в Красном море и по американским/израильским кораблям, влияя на безопасность судоходства.

Ирак играет ключевую роль как региональный союзник Ирана, хотя его позиция сложна и неоднородна. После вторжения США в 2003 году и последующей смены власти в стране влияние Тегерана в Ираке значительно выросло через шиитские политические партии и проиранские вооружённые формирования. Главный инструмент влияния – Вооружённые мобилизационные силы (PMF), объединяющие десятки тысяч бойцов, многие из которых получили подготовку и поддержку КСИР из Ирана. Эти группы способны проводить атаки как на территории Ирака, так и за его пределами, включая удары по инфраструктуре и союзникам США в регионе.

Помимо прокси, Иран поддерживает тесные экономические и политические связи с официальным Багдадом. Ирак имеет регулярную армию с традиционной структурой (сухопутные, военно-воздушные, военно-морские силы), но она не располагает современными техникой и вооружениями, ее боевой потенциал также сильно ограничен внутренними политическими и ресурсными проблемами, что делает страну зависимой от поддержки Ирана в ключевых вопросах безопасности. С другой стороны, тесные связи между иранским КСИР и иракской «Вооруженной мобилизацией» и шиитскими бригадами (PMF) обеспечивают Ирану возможность использовать территорию Ирака для логистики и ударов по израильским и американским объектам.

Иран исторически поддерживал опосредованных союзников – Хезболлу (Ливан), сирийские шиитские ополченцы, а также группировки в Ираке и Сирии, объединённые в так называемую «Ось сопротивления». Этот сетевой альянс действует как антизападный/антиизраильский блок, но уже частично ослаблен потерями и изменением баланса сил после 2023-2025 гг.

Сам Иран обладает мощной двухуровневой военной структурой, включающей регулярную армию и элитный КСИР, действующие параллельно. Их общая численность исчисляется сотнями тысяч, а мобилизационный ресурс, особенно за счет ополчения «Басидж», достигает миллионов человек. Основу оборонной стратегии составляют масштабные арсеналы баллистических и крылатых ракет, а также беспилотные летательные аппараты, которые считаются одними из наиболее эффективных в регионе.

### Кто поддерживает США?

США в регионе опираются на группу государственных партнёров. Ключевой стратегический партнёр США – Израиль, мощная региональная держава со значительным военным потенциалом. Далее идут арабские государства Персидского залива: Саудовская Аравия, Объединённые Арабские Эмираты, Кувейт, Катар, Бахрейн. Многие из них находятся под зонтиком американских систем ПРО и получают вооружения и обучение. Военный потенциал союзников США внушителен: оснащены западной техникой, в частности, авиацией, кораблями, ПВО Patriot/THAAD и совместимы с американскими системами.

### Позиция Анкары, Москвы и Пекина

Турция – член НАТО с собственной значительной армией. В региональных делах Анкара занимает более автономную позицию, балансируя между Западом и собственными интересами. И наблюдатели считают, что Турция не вступит в прямую конфронтацию с Ираном ради США.

Россия и Иран проводят совместные военно-морские учения в Оманском заливе, но очевидно, что Москва не вступит в прямой военный конфликт с США, а ограничится поставками техники, вооружений в Иран, что и сейчас делает. Схожую политику ведет и Пекин, поддерживая с Тегераном стратегические экономические и ограниченные военно-технические связи.

### Насколько реальна региональная война?

США обладают явным количественно-качественным преимуществом в технологиях, дальности и силе проекции (авианосцы, спутники, разведка, высокоточные средства). Их присутствие в регионе усилено, оно стало крупнейшим с 2003 года. Иран, в свою очередь, делает упор на асимметрические средства (ракеты, дроны, ПВО, сети прокси). Это усложняет традиционный сценарий конфликта, так как Иран способен ударить по критическим объектам за пределами своей территории, например, по американским базам и инфраструктуре региональных союзников. Возможна блокада Ормузского пролива (если конфликт перерастёт в полномасштабные военные столкновения), что чревато всплеском мировых цен на энергоносители. Вероятное распространение боевых действий на Ливан, Сирию, Ирак способно спровоцировать в этих странах гуманитарную катастрофу.



**Курманбек МАМБЕТОВ, «Кыргыз Туусу»**

Экономика

# Интеграция как шанс

## Что Кыргызстан получает от участия в ЕАЭС и ШОС



**До недавних пор мировой бизнес редко воспринимал Кыргызстан как страну возможностей - слишком сложная география, слишком маленький рынок, слишком слабая промышленная база. Но участие в ЕАЭС и ШОС постепенно меняет это представление: деловые люди видят, что появляется доступ к рынкам, доступ к транзитным маршрутам, что интеграция реально начинает работать как инструмент роста и развития.**

Сегодня Кыргызстан – не просто небольшая экономика в центре Евразии. Он оказался на пересечении сразу двух крупных интеграционных пространств - Евразийского экономического союза и Шанхайской организации сотрудничества. Если первое объединение больше о рынке и правилах, то во втором случае ставка делается на инфраструктуру и инвестиции. И по мере ускорения динамики сотрудничества становится ясно: участие в ЕАЭС и ШОС постепенно превращает страну из периферии в транзитный и производственный узел.

### ЕАЭС: доступ к рынку вместо борьбы за него

Главный эффект членства Кыргызстана в ЕАЭС – это резкое расширение экономического пространства. Вот один лишь пример. С момента вступления в ЕАЭС товарооборот страны с партнёрами по Союзу вырос примерно втрое – с около 5 млрд. до 15,7 млрд. долларов. И цифры говорят об устойчивом росте экспорта сельхозпродукции в Казахстан и Россию, о позитивном влиянии свободного перемещения рабочей силы, о формировании новых цепочек поставок для кооперирующихся предприятий.

Очевидный факт: внутри Союза Кыргызстан перестал быть третьей страной, он стал частью единого рынка. В наших условиях это особенно важно для таких отраслей, как переработка сельхозпродукции, легкая промышленность.

Как и ожидалось, капитал пошел вслед за правилами: ЕАЭС дал не только торговлю, но и предсказуемость. Так, инвестиции из России выросли на 75%, вложения из Казахстана только в 2024 году составили 113,5 млн долларов (в три раза больше, чем в 2021-м). Причём речь идёт не только о торговле. Казахстанский капитал, например, активно идёт в реальную экономику - в промышленность, логистику, сельское хозяйство, переработку. А через механизмы кооперации внутри ЕАЭС финансируются совместные производственные проекты, на них уже выделяются миллиарды рублей поддержки. Сказанное означает важную вещь: Кыргызстан всё чаще участвует не просто в торговле, а в производственных цепочках.

### Через ШОС – к транзитной экономике

Что получил Кыргызстан от участия в крупнейшей региональной организации? Перечисляем. За последние годы товарооборот Кыргызстана со странами ШОС вырос в 3,5 раза. Сегодня на страны ШОС приходится около 75% внешней торговли Кыргызстана. Только за 9 месяцев 2025 года Кыргызстан посетили около 8 миллионов туристов из стран-участниц ШОС, что подчеркивает укрепление туристических связей внутри организации.

Но основные дивиденды, по мнению экспертов, страна получит не от торговли даже, а от транспорта и логистики. И имеют в виду прежде всего, конечно же, один из самых обсуждаемых в регионе проект железной дороги Китай – Кыргызстан – Узбекистан, который продвигается в рамках сотрудничества с государствами ШОС и уже рассматривается как часть будущего евразийского транспортного каркаса. С окончанием строительства дороги Кыргызстан выходит из тупика и становится транзитным коридором, что означает рост логистики, развитие складской инфраструктуры, появление промзон рядом с транспортными узлами: внутри страны будет генерироваться добавленная стоимость.

Впрочем, новая логистика уже рождается. Злущен второй воздушный коридор с Китаем. Строится автодорога Барскоон – Бедел – Аксу. Внедрена система «Умная таможня», которая сократила время выпуска товаров с 5 часов до 1 часа: скорость радикально меняет экономику торговли. Транзит начинает приносить деньги не только перевозчикам, но и складам, сервисным и IT- компаниям, банковскому сектору.

Через платформы ШОС Кыргызстан активно продвигает бизнес-проекты: постепенно, шаг за шагом формируются инвестиционные потоки. По данным Национального агентства по инвестициям, Центром ГЧП подготовлен более 90 проектов на сумму свыше 434 миллиардов сомов, из них 65 проектов уже находятся на стадии активной реализации. Только за прошедший год подписано 14 новых соглашений о ГЧП в таких сферах, как транспорт, логистика, сельское хозяйство, экология и управление отходами, туризм, образование и коммуникации, что позволило привлечь более $3,9 миллиарда частных инвестиций. Контакты, переговоры с компаниями из стран ШОС также показывают, что они считают перспективным сотрудничество во многих секторах экономики – цифровизации, энергетике, сельском хозяйстве, транспорте, медицине, финансах.

### Кыргызстан не окраина

В результате соединения эффектов ЕАЭС и ШОС роль у страны кардинально меняется. Полученные от ЕАЭС емкий рынок, трудовая мобильность в сочетании с предоставленными ШОС возможностями в привлечении инвестиций, выходе на Китай и Южную Азию формируют новую экономическую модель. И как видно по макроэкономическим показателям, Кыргызстан уже не просто экспортёр рабочей силы, а еще и потенциальный транзитно-производственный хаб.

Есть, понятно, и определённые риски, связанные с участием сразу в двух интеграционных пространствах. Очевидно, что возможно давление крупных партнёров, недобросовестная конкуренция внутри Союзов. Что имеется в виду?

Параллельное членство в ЕАЭС и ШОС – это не только доступ к рынкам, инфраструктуре и инвестициям, но и неизбежное усиление асимметрий. Кыргызстан – самая малая экономика в обоих объединениях. Это означает, что правила формально едины, но реальные возможности влияния на них различаются. В чём конкретно проявляются риски?

Давление через рынок. Крупные экономики могут использовать доступ к своему рынку как инструмент переговоров по вопросам от санитарных требований до неформальных ограничений: для страны с ограниченной экспортной диверсификацией это очень чувствительно.

Конкуренция с более субсидируемыми производителями. Внутри интеграционных пространств кыргызский бизнес сталкивается с компаниями из стран, где дешевле финансирование, где масштабнее государственная поддержка, где выше уровень индустриализации. В результате даже при формально равных правилах конкуренция может быть фактически неравной.

Риск закрепления сырьевой роли. Без активной промышленной политики страна может оказаться в низкой части добавленной стоимости, оказаться не участником производственных цепочек, а лишь поставщиком рабочей силы, транзитных услуг, природных ресурсов.

Инфраструктурная зависимость. Транспортные проекты, реализуемые при участии внешних партнёров, создают рост, но одновременно формируют долгосрочную зависимость от внешнего капитала и технологий.

Как эти риски можно снижать? Методы общеизвестны. Диверсификация внутри самих интеграций: не замыкаться на одном партнёре даже внутри союзов, а развивать торговлю и проекты сразу с несколькими участниками. Ставка на переработку: главный способ избежать сырьевой периферийности заключается в продвижении вверх по цепочке добавленной стоимости – в первую очередь это агропереработка, лёгкая промышленность, сборочные производства: интеграция должна использоваться не только для торговли, но и для индустриальной кооперации. Активная защита интересов бизнеса: важно системно использовать механизмы антидемпинговых процедур, технических стандартов. Инфраструктура должна работать не только на транзит, но и на внутреннюю экономику через индустриальные зоны, логистические хабы, переработку рядом с транспортными коридорами. Соблюдение баланса внешнего и внутреннего капитала: крупные проекты необходимо сопровождать участием местного бизнеса через ГЧП, локализацию, совместные предприятия.

И все-таки риски интеграции – это не повод для отказа от неё, а сигнал к более активной экономической политике. Для малой экономики ключевая задача – не просто быть частью союзов, а использовать их как инструмент структурного роста, как возможность перехода к экономике транзита и производства. И именно от того, насколько страна сумеет воспользоваться этим шансом, зависит её реальное место в будущей экономике Евразии.

### Можно ли расти в одиночку?



Предположим, что Кыргызстан отказался от участия в двух объединениях. Как выглядела бы экономика Кыргызстана сегодня, если бы страна не участвовала ни в ЕАЭС, ни в ШОС? Теоретически суверенитет был бы выше. Практически экономическое пространство было бы уже.

Без ЕАЭС Кыргызстан снова оказался бы в положении внешнего экспортёра по отношению к своим главным рынкам - России и Казахстану. Это означало бы таможенные барьеры, санитарные ограничения, квоты, более дорогую логистику и, главное, нестабильный доступ к рынку труда (свободное перемещение рабочей силы внутри ЕАЭС сегодня - это один из ключевых стабилизаторов социальной системы страны. Вне Союза миграция снова стала бы предметом политических решений, а не правил).

При том, что Кыргызстан и без того не обладает развитой индустриальной базой, промышленность осталась бы локальной. Вне интеграционного пространства кооперационные проекты были бы редкостью, инвесторы рассматривали бы страну как маленький изолированный рынок, производство ориентировалось бы только на внутренний спрос, который объективно ограничен. Такое положение дел усилило бы зависимость от сырьевого сектора, торговли, денежных переводов мигрантов, то есть от наиболее уязвимых источников роста.

Кыргызстан не имеет выхода к морю. Он зажат между крупными экономиками. В условиях участия в ШОС эта география превращается в транзитное преимущество. Без участия она снова становится ограничением. Транспортные коридоры, которые сегодня обсуждаются и строятся при участии партнеров ШОС и прежде всего Китая, вряд ли получили бы тот же масштаб, крупные инфраструктурные проекты редко идут в страны вне региональных форматов - слишком высоки риски.

С точки зрения каптала, одиночество - не преимущество. Инвесторы приходят туда, где есть понятные правила, рынок сбыта, надежная логистика. Интеграция обеспечивает все три условия.

Вне ЕАЭС и ШОС Кыргызстан оставался бы небольшим рынком, без гарантированного доступа к соседям, без статуса транзитного узла. В такой конфигурации страна конкурировала бы за инвестиции с гораздо более крупными экономиками региона.

Можно ли было бы найти достойную замену ЕАЭС и ШОС? Теоретически, да. Практически, учитывая географию и масштаб экономики, Кыргызстан вряд ли смог бы найти равноценную альтернативу одновременно рынку, инвестициям, транспортной включенности.

**Курманбек МАМБЕТОВ,**
**«Кыргыз Туусу»**

Эмгек каармандары

# Агроном Раиса апа

**Жетимиш жаштагы Раиса эне жашоосунун дээрлик элүү жылын айыл чарбага арнаган. Анын чыныгы кесиби дагы, аткарган иши дагы багбанчылык. Жашынан агрономдук кесипти аркалап Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз өрөөнүндө алма, өрүк, алмурут, карагат, малина жемиштеринин түрдүү сортун өстүрүп келет.**





Раиса Төлөгөнова эмгек жолун 1976-жылдан баштаса, дээрлик жыйырма жылдай совхоздун алма багында агрономдук кесипти аркалаган. Эгемендиктен кийин деле ошол тармакты аркалоону уланткан. Ал 1994-жылы үлүш катары бөлүнгөн 1 гектар жерди бак кылууга өткөн. Башында ошол жерди гана иштетсе, жыл сайын айылдыктардын жер үлүштөрүн сатып алып отуруп жерин 30 гектарга жеткирген. Албетте, мындай жетишкендик бир күндө келбей, канчалаган аракетти, талыкпаган эмгекти, жайы ысык аптапта, жазгы жамгырлуу күндөрдө бактын түбүн тазалап, отоо чөбүн терип, бак-даракка дарысын чачып, канчалаган эмгектин аркасынан гана келээрин каарманыбыз өз сөзүндө баса белгилейт.

Агроном айым, бир эле бак өстүрүү менен чектелбеди. Орусия жана башка чет өлкөлөрдөн алма, өрүк, алмурут, карагат, малинанын ар кандай жаңы сортторун алдырып, аны жергиликтүү сорттор менен чаңдаштырып, өстүрүп көрүп, биздин аймакка, аба-ырайына дал келүүчү, зыянкечтерге чыдамдуу, мол түшүм берчү эң мыктысын тандап өстүрө баштайт.

Ошол сорттордон көчөт өстүрүп, кийин элдерге сатат. Бул сорттор 3 жылда жетилип, 8 жылда кенен мөмө берип, 50 жылга чейин жашайт, түшүмдүүлүгү мол болот. Раиса апанын айтымында, алар кардарларга жөн эле көчөттөрдү сатып коюшпайт. Ар бир кардарынын жеринин, аба-ырайынын өзгөчөлүгүнө маани берип, көчөттөрдү отургузуу, кароо жагын дагы үйрөтүшөт. Анын алма көчөттөрүн жергиликтүү көл эли, кыргызстандын башка облустарынан келишип жана Казакстанга чейин алдырып турушат.

Кийин, Раиса апа карагат өстүрүүгө көбүрөөк маани бере баштайт. Карагаттын дагы эң сапаттуу, даамдуу делген чыныгы Ысык-Көлдүн карагаттарын өстүрүп, өнүктүрөт. Бул көлдүн карагаттары даамы менен да, ден соолукка пайдалуулугу менен да өзгөчө бааланып, кардарлардын суроо-талабына ээ. Раиса апа белгилегендей, жалаң табигый, органикалык жер семирткичтер менен өстүрүлгөндүктөн, организмдеги гемоглобинди көтөрүүгө, иммунитетти чыңдоого жана көздүн көрүүсүн жакшыртууга абдан пайдалуу деп эсептелинет. Ал Польшадан атайын карагаттын, алма, алмуруттун жаңы сортторун алдырат. Карагаттын үч сортун алып келсе, анын экөөсү гана кыргыз жергесине өсүүгө жарамдуу болуп чыгат. Малинанын твен, тизель деген сортторун дагы алып келип, ушул сорттордун башка мөмөлөргө караганда мыктылыгын көрүп билет. Жогорудагы малинадан жасалган шире, кыямдардын даамы бир сонун. Раиса апа малина менен карагаттын ошол мыкты делген сортторун көбөйтүп, элге таркатып келишет. Карагат өстүрүүгө студент кезинен кызыгып, жада калса Айыл чарба институтун бүтүрүүдө дипломдук ишинин темасын да карагат өстүрүүгө багыттаган экен. Негизи Раиса апа айыл чарбасында бир тараптуу эмес, универсалдуу агроном. Карагат же алма эле өстүрөм дебейт, колунан бардык мөмө, жер-жемиштерди өстүрүү келет.

"Социалдык тармактар аркылуу жарнама кылган көрүнгөн эле сортту ала бербегиле. Андай башка өлкөдө өстүрүлүп келген сортторду, алгач бизге ылайыкташтыруу абзел. Ошондон кийин гана кайсы мөмө сорту болбосун жакшы же жаман деп айтууга болот" деп билдирген Раиса апа, учурдагы интернет булактары аркылуу башаламан сатылган көчөттөрдү алууда этият болууга чакырат.




Айыл чарба тармагы бир эле эмгекти эмес, ар тараптуу изилдөөнү, окууну, өзгөчө азыркы заманда жаңы технологиялардын өнүгүүсүн колдонуу зарыл экенин каарманыбыз айтып эле койбостон, өзү дагы жетимишти аркалап калганына карабастан, изденүү үстүндө. Ал айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн сортторго маани берип, аларды лаборатория катары өстүрүп көрсөтүүчү сорт сыноо станцияларын көбөйтүү зарылчылыгын белгилейт. Сорт сыноо станциялары кандай гана мөмө же жашылча болбосун анын сапаттуулугуна, сактоо мөөнөтүнө, дагы башка бардык ыңгайлуулуктарына маани берип, сортторду мыктысын коомго жайылтмак.

Элүү жылдык тажрыйбага ээ агроном Раиса Төлөгөнованын айтымында, "учурдагы айыл чарбасындагы негизги көйгөйлөрдүн бири биз экспортко көп чыга албай жатканыбызда. Мисалы, алманы алсак, мөмөлөрү ар кандай формада, түстөрү да бирдей эмес. Бул кыргыз алмаларын чет өлкөлөргө чыгарууга чоң кедергисин тийгизип жатат".

Ал эми сапаттуу жана даамдуу мөмөлөр, мыкты делген сорттордон гана пайда болорун дагы бир ирет каарманыбыз белгилеп кетет. Айталы, алманын жеромин, старкрипсон, супер чиф, реф чиф сортторун дүйнөлүк базар алууга даяр. Себеби, бул мөмөлөр эл аралык талаптарга жооп берип, узак жолго чыдамдуу келет.

Буга чейин кокон гилас Ысык-Көл тарапка өстүрүлбөйт делген болсо, акыркы учурда бул ырастоону багбанчылар бузушуп, көл аймагына да кокон гилас өстүрө башташкан. Аба-ырайынын шартына байланыштуу бир аз кечигип бышканы менен түштүк тараптагы кокон гиластын түшүмү аяктаган мезгилде бышып, кайра эле кардарлардын талабына ээ болот. Көлдүн кокон гиласына өзгөчө кытай эли кызыктар. Бирок бул тарапта кокон гилас аз эгилип жаткандыктан, көп тоннадагы мөмө чыкпай келет. Агроном айымдын айтымында, багбандар бири-бири менен тыгыз иштешип, Кыргызстандын түштүк жергеси менен түндүк аймактарындагылар тынымсыз тажрыйбалары менен бөлүшүшсө, айыл чарба тармагында дагы чоң ийгиликтер жаралмак.

Ар тараптуу окууларды, изилдөөлөрдү көрүп айыл-чарба жаатында ийгилик жаратуууга көзү жетип калган агроном айым, ишкердикти колдоо борборунан аз пайыздагы кредит каражатына элүү гектар жер үлүшүн алып, аны дагы иштетүүнү баштаган. Учурда иш кызуу жүрүүдө, жер айдалып, көчөттөр тандалып дегендей. Чет өлкөлүктөрдүн табигый жана даамдуу кыргыз айыл чарба продукцияларына болгон кызыгуулары, агрономдун эл аралык деңгээлге чыгуусуна чоң өбөлгө болууда.

Ал айыл чарбасы экспортко ылайыктуу продукцияларды чыгарып, эл аралык деңгээлге чыгуу үчүн ар бир аймактарга логистикалык борборлор уюштурулуп, алар менен кошо дыйкан, багбандар тынымсыз кызматташуу зарылдыгын белгилейт.

Демек, айыл чарба тармагын өнүктүрүү бир эле дыйкан, багбан жана фермердин колунда эмес. Жалпы өлкө боюнча экономикалык колдоого, ар тараптуу кызматташууларга муктаж. Ал эми байбиче болуп, небере багып, төрдө отуруу жашына келип калса да, карылыкка моюн сунбай, кайраттуулугу, эмгекчилдиги менен айыл чарбасынын "чемпиону" аталган Раиса Төлөгөновадай апалардын иш билги тажрыйбасы, ар бир жаш агрономго аба, суудай эле зарыл дегибиз келет.

**Гүлмайрам РАХМАНБЕРДИЕВА,**
**"Кыргыз Туусу"**

Спорт







# XXV Кышкы Олимпиада оюндарынын кызыктары



***2026-жылдагы Кышкы Олимпиада оюндары 6-22- февраль күдөрүндө Италиянын Милан жана Кортина-д'Ампеццо шаарларында өттү. Ага 93 өлкөдөн, 2900 спортчу катышып, мелдештерде ар бир спортчу өзүнүн аракетин, спорттук чеберчилигин көрсөтө алышты. Дүйнөлүк спорттук майрам кечээ жыйынтыкталганы менен, спортчулардын жүрөгүндө түбөлүк өчпөс из калтыра алды десек болот.***







## Жыйынтыктоо салтанаты

Оюндардын расмий жабылуу аземи тарыхый Арена ди Верона амфитеатрында өттү. Бул имарат биздин заманга чейинки I кылымда Рим империясынын доорунда курулган жана дүйнөдө эң байыркы олимпиадалык объекттердин бири жана опералык, маданий сахна болуп саналат.

Аземди уюштуруучуларынын жетекчиси Мария Лаура Ясконе бул жайды "тарыхы жана улуу опералардын сахналаштырылуудагы мүмкүнчүлүгү менен дүйнөгө таанылган өзгөчө мейкиндик" деп мүнөздөдү. "Сулуулук аракетте" аттуу жыйынтыктоочу шоу көрүүчүлөргө терең эмоция тартуулап, Олимпиаданын рухун дагы бир ирет даңазалай алды.

Сахнада белгилүү аткаруучулар - Акилле Лауро, Габри Понте, Бенедетта Поркароли жана Major Lazer өз өнөрлөрүн тартуулашты. Албетте, кечинин башкы каармандары спортчулардын өздөрү. Көрсөтүү жаркыраган түстөр менен башталып, чоң майрамдык шаң менен жыйынтыкталды. Жабылыш аземинин режиссёру Стефания Опипари иш-чаранын концепциясында италиялык опера маданияты, спорт жана аймактык мурас айкалышканын белгиледи.

Белгилей кетсек, сахнанын 80 пайызы жыгачтан жасалып, жарык берүүчү жабдуулардын 90 пайызы энергия үнөмдөөчү LED системаларынан түзүлүп, костюмдар болсо кайра иштетилген кездемелерден тигилген. Муну менен каражатты жана электр жарыгын эң көп үнөмдөй алган дүйнөлүк иш-чара болду.

Ошентип, Олимпиада–2026 спорттук жетишкендиктер менен гана эмес, маданий жана экологиялык жоопкерчиликке багытталган өзгөчө жыйынтыктоочу аземи менен да көрөрмандардын эсинде калмакчы.

## Медалдык эсеп жана рекорддор

Жалпысынан 16 дисциплинада 116 медалдар топтому ойнотулуп, бул көрсөткүч жаңы рекорд катары катталды.

Норвегия курамасы медалдык эсепте алдыга чыгып, оюндардын мыкты командасы аталды. Башкача айтканда Норвегиялык спортчулар жалпы медалдардын саны боюнча рекорд жаңыртышты. Бул ийгилик өлкөнүн кышкы спорттогу салттуу үстөмдүгүн дагы бир ирет далилдеди.

АКШ спорттук командасы 12 алтын, жалпысынан 32 медаль утуп экинчи орунду ээледи. Мындан тышкары, АКШ курамасы эки хоккей финалында тең Канаданы жеңип, чоң сенсация жаратууга жетишти. Мындай жеңиш америкалык хоккей тарыхында 49 жылдан бери быйыл гана болуп отурат.

Италия курамасы да күйөрмандарын кубандырып, 10 алтын, жалпысынан 30 медаль жеңишип, 1994-жылдагы Лиллехаммер Олимпиадасынан берки эң мыкты жыйынтыгын кайталап, медалдык рейтинг төртүнчү орунга чыкты.

Ошону менен алдыңкы ондукка Франция, Швеция, Швейцария, Австрия жана Япония кирди. Бул Олимпиада Бразилия үчүн да тарыхый болду. Тоо лыжачы Лукас Пиньейро Бротен алтын медаль утуп, Түштүк Америкадан чыккан алгачкы кышкы Олимпиада чемпиону аталды.

## Борбор Азияга бир медаль

Боордош казак элинин 21 жаштагы спортчусу Михаил Шайдоров XXV Кышкы Олимпиада оюндарынын алтын медалын жеңип, бир эле Казакстанды эмес Борбордук Азия аймагын кубандырды. Михаил Шайдоров 2004-жылы Алматы шаарында төрөлгөн жана 2020-2024-жылдары Казакстандын муз үстүндө бийлөө боюнча беш жолку чемпиону аталган. 2022-жылкы дүйнө чемпионатында күмүш медаль алса, 2025-жылы Азия оюндарынын жана дүйнө чемпионатынын коло медалдарына ээ болгон.

Белгилей кетсек, Шайдоров Казакстандын тарыхында муз үстүндө бийлөө боюнча Кышкы Олимпиадада алтын медаль уткан экинчи спортчу. Ошондой эле, Борбор Азия аймагынан алтын медаль уткан жалгыз спортчу аталды.

Кыргызстандык спортчулар Артур Сапарбеков жана Тимур Шакиров лыжа тебүү боюнча мелдештерге катышып, тилекке каршы ийгиликке жетише алышпады. Муну өлкөбүздө кышкы спортко салкын мамилебиздин жыйынтыгы катары бааласак болот.

Ал эми россиялык спортчулар өлкө атынан катышуу мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан жеке спортчулардын өздөрүнүн атынан катышуу укугун алышкан. Жалпысынан Олимпиадага Россиядан 13 спортчу катышып, алар нейтралдуу статуста медаль үчүн ат салышып, жыйынтыгында бир күмүш медаль утушту.

## Гендердик рекорд

Бул олимпиадада катышкан спортчулардын саны да тарыхый деңгээлге жетип, аял спортчулардын катышуусу болжол менен 47%ды түзүп, кышкы олимпиадалар үчүн рекорддук гендердик теңдикти көрсөттү.

Жалпы 2900 спортчу келип катышса, алардын 1533ү эркектер болсо, 1338и айымдар болду. Мындай теңдик кышкы спорт түрлөрү менен машыккан айымдардын саны дагы арбын экендигин көрсөтөт.

## Медалдар топтому

Олимпиадалык мелдештерде жалпы 116 медалдар топтому ойнотулду. Бул медалдар спортчулар үчүн премиум сувенирге айланып, алтын жана күмүштүн баасынын өсүшүнө байланыштуу өзгөчө баага ээ болду.

Алтын медалдын салмагы 506 граммды түзүп, курамында 6 грамм алтын жана 500 грамм күмүш бар. Баасы 2300 АКШ долларды түзөт.

Күмүш медаль таза күмүштөн жасалып, салмагы 500 грамм. Баасы 1400 АКШ долларын түзөт. Ал эми коло медалдын салмагы 420 граммды түзүп, таза колодон жасалган. Баасы болсо 5-10 доллар чамасында.

## Италия Президенти сыйланды

Олимпиаданын жыйынтыктоочу күнүндө Эл аралык олимпиада комитети Италия Республикасынын Президенти Серджо Маттарелланы жана премьер-министри Жоржия Мелонини Алтын олимпиадалык орден менен сыйлады. Комитеттин президенти Кирсти Ковентри бул сыйлык уюштуруучу өлкөгө болгон ыраазычылыктын белгиси экенин белгиледи.



Бул Олимпиада Италияда өткөн төртүнчү оюндар болуп, бир катар жаңычылдыктар менен спорт күйөрмандарынын эсинде калды. Уюштуруучулар сатылган билеттердин саны боюнча да рекорд койгонун жана жаштардын катышуусу жогору болгонун белгилешти.

**Гүлмайрам РАХМАНБЕРДИЕВА, "Кыргыз Туусу"**

Улуттук–боштондук көтөрүлүшүнө – 110 жыл

# Эркиндик үчүн күрөш

**1916-жылдагы Улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн 110 жылдык маарекесин утурлай тарыхчы илимпоздордун изилдөөлөрүн, акын-жазуучулардын чыгармаларын коомчулукка кеңири таратуу максатында "Кыргыз Туусу" гезитинде "Улуттук–боштондук көтөрүлүшүнө 110 жыл" аталышындагы атайын рубрика уюштурулду. Тарых деген тарых, өтмүштө нелер гана болбогон, бирок тарыхый окуяларга карата калыс, акыйкат жана аяр мамиле элдерди бириктирет. Биздин өткөн тарыхый окуялардан алуучу сабактар кымбат жана баалуу.**

*"Кайсы бир кылымдарда, замандардын кайсы бир бүктөмдөрүндө эгемендүүлүгүн жоготуп алган качанкы ата-бабаларыбыз өз алдынча элдүүлүктүн кайра калыбына келер кезеңин самап, өз алдынча түндүк көтөрөр заманды тилеген тура".*

**Садыр ЖАПАРОВ,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти. 29-август, 2021-жыл**

Кыргыз элинин эсинде "Үркүн" деп сакталып калган, кез карандысыздык үчүн Россия империясынын басып алуу, саясатына каршы чыккан элдик кыймылга быйыл жайында 110 жыл толот. Улуттук боштондук кыймылы тууралуу саятчылар, тарыхчы илимпоздор, акындар, жазуучулар көптөгөн илимий эмгектеди, ырларды эскерүүлөрдү жазышкан, Үркүн көркөм өнөрдө да чагылдырылган.

Карапайым кыргыздардын падышалык Россиянын жергиликтүү бийлик ээлерине каршы ачык көтөрүлүшү тууралуу Жусуп Абдрахман уулунун биринчилерден болуп 1926-жылы, кийин 1931-жылы 1916-жылдагы үркүндүн чыгуу себептерин тарыхчы илимпоз болбосо дагы туура, так саясий баа берүүсү өтө маанилүү.

Кыргыздын коомдук, чарбалык жана маданий турмушуна Орус падышасынын тийгизген таасирин Жусуп Абдрахман уулу мындайча түшүндүрөт: "Түркстан жергесинен экономикалык жана стратегиялык жактан өтө маанилүү борборлорун басып алып, Түркстан генерал-губернаторлугун түзүүгө жетишкенден кийин алар.... орус келгиндери туруучу поселектордун куруу үчүн кыргыз элинин жер-суусун басып алууну иш жүзүндө жүзөгө ашыруу милдетин коюшту".

Орус кыштактарын куруу менен бирге келгиндердин айдоо жана жайыт аянттары менен камсыздоонун жүргүшүн Жусуп Абдрахман уулу мындайча баяндаган : "Эгерде 1900-жылы Пржевальск үйөзүнүн 11 пайызын түзгөн орус калкына 23,8 пайыз айдоо аянты бөлүнүп берилсе, 1916-жылы үйөздүн 21,1 пайызын түзгөн орус калкы бардык айдоо жеринин 67,3 пайызын өз колдоруна алышкан".

Орус падышасынын колониялык саясаты Түркстанда жергиликтүү элдин ата-бабасы ыйык мурас катары сактап келген ата конушунан, жер-суусунан, жайытынан ар кандай жолдор менен (алдоо, зордук-зомбулук, салык салуу, жок жеринен күнөөлө ж.б.) тартып алып, аларды ачарчылыкка, өлүм-житимге, жарды-жалчы болууга дуушар кылган.

1916-жылдагы Улуттук-боштондук көтөрүлүштүн өбөлгөлөрүн, чыгуу себептерин, негизги окуяларын жана тарыхый маанисин убагында Г.Бройдо (1916-жылы 3-сентябрда Ташкентте сотто маалымат берген) Россия империясынын Мамлекеттик думасынын мүчөсү Александр Керенский (1916-жылы 13-декабрда), Турар Рыскулов (1926-жылы) Жусуп Абдрахман уулу (1926, 1931- жылдары) Баялы Исаке уулу (1932-жылы) ачууга алгачкы аракеттерди жасашкан.

Кыргызстандык окумуштуулардын арасынан 1916-жылдагы окуяны архивдеги баалуу маалыматтар аркылуу тастыкташкан тарых илимдеринин докторлору, профессорлор: Кушбек Үсенбаев, Анна Гавриловна Зима, Токторбек Өмүрбеков, Аблабек Асанканов, Шайыр Баатырбаева, Жаныбек Жакыпбеков, Гүлзада Абдыкалиева, илимдин кандидаттары: Давид Будянский, Аскарбек Беделбаев, Турдубек Шейшеканов жана башка илимпоздор баалуу илимий эмгектерди жаратышкан.



Бул илимпоздор улуттук боштондук күрөштүн чыгуу өбөлгөлөрүн, себептерин, жүрүшүн, жеңилүү себептерин, кыргыз калкынын каза болгондордун саны жана Кытай жергесинде калгандардын тагдыры тууралуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Үркүндө канча адам каза болгону боюнча илимпоздордун жана саясатчылардын эмгектеринде бирдиктүү пикир жоктугунан ар кандай сандар айтылып келет: Мисалы, Жусуп Абдрахман уулунун билдирүүсүндө: "Падышалык желдеттердин, орус кулактардын (оторчулардын), келгиндердин огунан жана кылычынан 150 миңге жакын адам курман болгон" (305-б). Түркстан аймагынын көрүнүктүү уулу, коомдук жана саясий ишмер Турар Рыскуловдун баяндоосунда Пржевалык, Пишпек уездеринде эле 214 минден ашык адам бул кармашта каза болгонун билдирет (58-б). Архивдеги маалыматтарга таянып, тарых илимдеринин доктору К.Усенбаев 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүштө түндүк Кыргызстандан 119215 (41,4 пайыз) адам каза болгонун, алардын көпчүлүгү Көлдө жашаган кыргыздар болгонун жазган (249-б). Тарых илимдеринин доктору Ж.Жунушалиевдин изилдөөсүндө – 146 миң адамды түзгөнүн белгилейт. Т.Өмүрбековдун айтымында: 1917-жылдын январына карата облустагы калктын жоготуусу болжол менен 38 миң түтүндү (үй-бүлө) же 150 миң кишинин түздү (63-б), тарыхчы Г.К.Кронгарддын эмгегинде 96114 миң адам каза болгон десе, илимпоз С.Плоскихтин пикиринде падышалык орус аскерлеринин огунан курман болгондордун саны 10 миң адам экенин тастыктоого аракеттенген, бирок бул эмгектерде канча адам орус падышасынын аскерлеринин огунан каза болгонун так билдирген эмес. Түркстан крайынын генерал-губернатору А.Н.Куропаткин Орус императоруна берген билдирүүсүндө: "1916-жылдагы жергиликтүү кыргыздардын көтөрүлүшүндө Түркстан крайы боюнча 3.709 орустар кырсыкка учурады, анын ичинен 2.325и каза болду, 1.384 бүгүнкү күнгө чейин жок".

Ошондой эле ашуудан кулап, сууга агып, музга тоңуп, ачкачылыктан, оорудан каза болгондордун санын эч бир илимпоз так айтууга мүмкүн болбой келет. Мындан сырткары кытай жергесине качып барып ошол жерде турuктуу жашап калгандар эске алынганбы, бул жагдай дагы белгисиз бойдон калууда.

Тарыхчы Усубакун Бегалиев архивден чогултуп жүргөн, мурда коомчулукка белгисиз болгон баалуу маалыматтарды, анын кызы Асель Бегалиева 2015-жылы өзүнчө китепче кылып чыгарганы өтө кубанычтуу окуя экени айтууга татыйт.

Үркүндү өз көзү менен көргөн, кайран элдин ачкачылыктан, сууктан, ач жырткычтардан, агыны катуу суудан, муз каптаган аска-зоодон өлүмгө учураганын белгилүү акын, жазуучулар К.Тыныстанов, К.Акиев, А.Токтомушев, Ы.Шайбеков, Ж.Турусбеков, М.Элебаев, М.Токобаев, К.Баялинов, А.Токомбаевдер өз чыгармаларында берүүгө аракет жасаган. "Кайран эл" кыргыз поэзиясында өзүнчө бир чоң тема. Ысак Шайбековдун "Кайран эл" аталышындагы ырында:

Кара жанын карч уруп,
Карып кылды, кайран эл.
Өзүн өзү ар кимге,
Тарып кылды, кайран эл.
Баарын берип жан үчүн,
Жөргөлөдү кайран эл.
Иши кылып жан сактоо,
Эбин тапты, кайран эл.

Бүгүнкү күнгө чейин 1916-жылга байланыштуу кээ бир окуяларды, сандарды, тактоодо илимпоздордун арасында бир пикирге келбеген учурлар кездешет. Ошондуктан Үркүндүн 110 жылдыгын белгилөөгө арналган иш-чараларды өткөрүүдө төмөнкү маселелер эске алынганы туура деп эсептейбиз:

– 1916 -жылкы улуттук-боштондук кыймылынын негизги очоктору болгон Чүй өрөөнүнүн төрү, Эки Кемин, Ысык-Көл жана Нарын аймактарында жашаган элдердин арасынан Үркүнгө барып келген ата-энеси, ага туугандарынан уккан кайгылуу окуяларды эл оозунан жыйноону, сурамжылоону (экспедиция түрүндө) уюштуруу;

– Документалдуу илимий-тарыхый тасмаларды тартуу;

– Тарыхчы, адабиячы илимпоздор менен илимий жыйын өткөрүп, 1916-жылдагы кандуу жылдар боюнча бүгүнкү күнгө чейин айтылып келген кайчы пикирлерди кайрадан илимий айлампага салып, так, туура тыянактарды чыгаруу;

– Сүрөтчүлөр, айкелчилер, көркөм өнөр адамдары улуттук-боштондук көтөрүлүшүн өз эмгектеринде чагылдыруу, көргөзмөлөрдү уюштуруу;

– Мектептин окуучуларына түшүнүктүү болчудай 1916-жылдагы азаттыктын күрөшүндө кыргыз элинин эрдигин даңазалоо, акындар, жазуучулар боштондукту эңсеген баатырлардын элесин келечек муундар үчүн түбөлүккө калтыруу сыяктуу иш-чаралар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин колдоосу менен өтүүсү максатка ылайыктуу.

**Асан ОРМУШЕВ,**
**тарых илимдеринин доктору,**
**профессор**

---

**Биз жана биз жашаган доор**

## Тарых жана эстутум

**Тарых жана эстутум маселесине манас таануучу Жылдыз Орозобекованын "Улут маданиятына чабуул" китебинде эң сонун түшүндүрмө берилген.**

Анда "Тарых жана эстутум" бөлүмүндө: "Тарыхты адамдар жаратат, адамдар жазат, ал канчалык деңгээлде так жазылганы олуттуу жана да башкы өзүнчө маселе. Дээринде баяндоо тарыхы дайыма так эместиктен жабыркап келген, бирок кандай да болбосун ошол убактардын сүрөтүн тарткан да, ал эми биз билген статистикалык тарых дайыма механикалык из боюнча кала берет, ошолорго байырлап жүрбөйбүзбү. Кандай болгон күндө да тарых ата-бабаларыбыздан бери кылган иштерибиздин казынасы, басып өткөн жолубуздун, дегеле өткөндүн күбөсү, бүгүнкүгө үлгү жана насаат, келечекке эскертүү. Экинчиси, жазылган китептерден сырткары тарых изи кандай жазылбасын, чыныгы тарыхтын изи генетикалык эстутумда гана сакталып калат. Мисалы, Манас деген ысым өзгөчө, ушул сөздү уккан ар бир кыргыз эч ойлонбой туруп «Манасты» такыр окубаса деле тартылуу күчүн сезет, кыргызча айтканда канында бар.

Илимий археологиялык казылмалардан, артефактылардан сырткары табият менен жанаша жашап келген шарттуу рефлекс, кыргызча айтканда адат болуп калган уникалдуу көрүнүштөргө караганда, байыркы бабаларыбыз тууралуу даректер, деги эле адамзат изи жок болбойт, тукуму уланат. Тукуму жок өтсө сөөгү сөпөт болгон менен мезгил мейкиндигинде илим миңдеген жылдар аралыгында кандай эл жашап өткөнүн ДНКсын аныктоого кудурети жетип турган убак.

Эстутум эч нерсени унутта калтырбайт. Тарыхты козгобой, азыркы коомдогу көрүнүштөрдү көрөлүчү, маселен, канча деген балдарыбыз чет жерлердин абагында олтурушат, канча кыз кордолуп, кээ бири тирүүлөй күйүп кетти, канча наристе таштандыга түштү, канча наристе кыздар өз агасы, өз атасынан зордукталды, топ жигиттер кезекке туруп, кенедей жашы жетиле элек кызды колдон-колго берип зордуктап келишти. Бул маңкурттукту колдогон күнөөнү жашы жетиле элек кызга эле оодаргандын өзү трагедия.

Атүгүл маңкурт энесинин койнуна кол салды, энесин-атасын жерип карылар үйүнө тыгып, тирүүнүн өлүгү кылды, мындай мерездик кайдан чыкты? Эң оболку себеби, булар руханий маданиятка сугарылбай ач калган. Адам качан жан дүйнөсүндө сулуулук, кооздук, назиктик жана музыкадан, сүрөттөн, негизгиси атаэненин мээрим тарбиясынан жуук калса гана ушундай мерез, кайдыгер, айбан болуп өсөт. Муну элдин эстутуму кайсы бир учурда, албетте, калчайт жана кечирбейт. Бул адам тагдырларынын, учурдун социалдык жашоодогу эң армандуу сүртүмдөрү, ошол эле учурда жаман нерсе жакшылыкты тилетет, илгери үмүт өчпөй турат, эч нерсе унутулбайт" деп айтылат.

Улуттук маданиятка чабуул — бул глобалдашуу, батыштаануу же башка тышкы таасирлердин натыйжасында улуттук баалуулуктардын, тилдин, каада-салттардын жана тарыхый эс тутумдун алсырашы. Бул көрүнүш маданияттын уникалдуулугун жоготуп, улуттук идентүүлүккө коркунуч келтирет.

Улуттук маданиятка чабуулдун негизги белгилери жана коркунучтары: тилдин жоголушу; каада-салттардын унутулушу, тарыхый эс тутумдун алсырашы, глобалдашуу таасири. Андыктан, улуттук маданиятты коргоого — улуттук коопсуздукту жана мамлекеттүүлүктү сактоонун негизги шарты катары мамиле жасашыбыз абзел.

**Б.БЕЙШЕБАЕВ**

Ток этери

# Тергөөчү тергейт, прокуратура көзөмөлдөйт, сот чечет

**Соңку беш жылда Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети тарабынан тергелген бардык кылмыш иштерин карап чыгуу үчүн мекемелер аралык комиссия түзүү боюнча айрым сунуштарга УКМК каршы пикирин билдирди. Атайын кызмат кылмыштарды иликтөө, тергөө жана сотто кароонун мыйзамда белгиленген тартиби бар экенин билдирди. Конституцияга ылайык, мамлекеттик бийлик мамлекеттик органдардын функцияларын жана ыйгарым укуктарын чектөө принцибине негизделет.**

Жазык-процессуалдык мыйзамдардын нормаларына ылайык, УКМК, ИИМ жана башкалардын тергөө бөлүмдөрү тарабынан жүргүзүлгөн иштердин мыйзамдуулугуна көзөмөл жүргүзүү прокуратура органдарына жүктөлөт, ал эми сот адилеттигин ишке ашыруу укугу сот органдарына гана таандык. Жазык-процессуалдык кодексинин 8-беренесине ылайык, кылмыш иши боюнча соттун өкүмү жана башка чечимдери Жазык-процессуалдык кодексинде каралган тартипте тиешелүү соттор тарабынан гана текшерилип жана кайра каралышы мүмкүн, ал эми тергөөчүнүн процессуалдык чечимдери көзөмөл органы тарабынан изилденип, жокко чыгарылышы ыктымал. Ошондуктан, кылмыш иштерин кайра кароо боюнча кандайдыр бир комиссияларды түзүү жөнүндө сунуш конституциялык принциптерге каршы келет, анткени мыйзамдарда тергөө жана сот ишине кийлигишүүгө тыюу салынган.

«Мамлекет башчысынын көрсөтмөсүнө ылайык, УКМКда анын ишинин дээрлик бардык тармактарын жана ыкмаларын камтыган тиешелүү реформа жүргүзүлүүдө. УКМК өз ишмердүүлүгүн мыйзамдын чегинде Конституция менен кепилденген жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо менен жүргүзөт»,-деп айтылат билдирүүдө.

Атайы кызмат өз билдирүүсүндө проблеманын мыйзамдык жагына басым жасаган. Маселенин саясий, моралдык жактары да бар. Сунушталган мамлекеттик же ведомстволор аралык комиссия тергелген жана\же сотто каралган ишти тергөөдөн жана соттон сырт институттун кайра карап чыгуусуна прецедент түзөт.

Экинчиден, диний экстремизмге, терроризмге же бандитизмге жана уюшкан кылмыштуу топторго байланыштуу кылмыш иштери саясий же нака экономикалык иштер менен кошо кайра каралышына кандайдыр бир негиз жаралат. Биз кимдир бирөөлөрдүн түрмөдө жатышын каалаган жокпуз. Бирок жакшы ниет менен, акыйкаттык, адилеттик деген ураан астында комиссиянын сунушунун негизинде анык кылмышкерлер да жаңы ачылган жагдайлар деген шылтоо менен бошоп, бейжаза калганга жол берилип кетүү ыктымалдыгын эскертип жатабыз.

Андан тышкары, УКМКнын айрым кызматкерлери кайсы бир иштерге байланыштуу кармалды, иштери тергелип жатат. Бир нече кызматкердин айынан бүтүндөй коопсуздук кызматынын аброюна шек келтирүүгө жол берилбеши керек. Атайы кызматты дискредитациялоо бийликтин сакралдуулугуна да доо кетирет.

Президент Садыр Жапаров соңку интервьюсунда "УКМК өзүнө тиешелүү иштер: чалгындоо, контрчалгындоо, конституциялык түзүлүштү коргоо, терроризм, экстремизм, бандитизм, баңгизаттарга каршы күрөш жана башка иштер менен алек болот. Ушул тармактар боюнча тергөө укуктары өздөрүндө калат. Экономикага киришпейт. УКМК эмне менен алек болуп жүргөнүн, ким анын кызматкери экенин эч ким билбеши керек. Реформадан кийин мурдагы КГБдай накта атайын кызмат болот" деп так белгиледи. Демек классикалык үлгүдөгү атайын кызмат мамлекетибиздин коопсуздугун камсыздоочу орган болгондуктан, анын кадырын да ойлогонубуз жөндүү.

**Сыргак ЭСЕНБЕК**

# 30 жыл күткөн мектептин курулушу башталды

***Президент Садыр Жапаровдун тапшырмасына ылайык, Курулуш министрлиги тарабынан Сокулук районунун Кашка-Баш айылында 750 орундуу жаңы мектептин курулушу башталды.***

Долбоор республикалык бюджеттен каржыланып, заманбап үлгүдө курулат. Башкы планга ылайык, мектеп 5 блоктон турган 3 кабаттуу имарат болуп, окуучулардын сапаттуу билим алуусу үчүн бардык шарттар каралат.

Курулуш иштери Турак жай-жарандык курулуш департаменти тарабынан көзөмөлдөнүп, башкы подрядчы катары "Кыргызкурулуш" мамлекеттик ишканасы аткарууда.

Учурда жер казуу иштери толугу менен аяктап, имараттын пайдубалын куюу этабы жүрүп жатат.

# «Арал»: транспорттук көзөмөл пункту курулат

***Транспорт жана коммуникациялар министринин аппараттык жыйында берген тапшырмаларынын негизинде «Арал» транспорттук көзөмөл пунктунун (Жумгал району Арал айылы) түндүк тарабында жаңы транспорттук көзөмөл пунктун куруу чечими кабыл алынды.***

Жаңы транспорттук көзөмөл пунктунун ачылышы жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылууга, жүк ташуучу унаалардын белгиленген салмактык жана габариттик ченемдерди сактоосун көзөмөлдөөгө, ошондой эле автомобиль жолдорунун эрте бузулушунун алдын алууга багытталган. Мындан тышкары, бул чара мыйзамсыз жана ашыкча жүк ташууларды кыскартууга, жол инфраструктурасын сактоого жана транспорт тармагындагы тартипти чыңдоого өбөлгө түзөт.

# Мекенди коргоочулар митинги

***Кечээ Коргоо министрлигинде Мекенди коргоочулардын күнүнө карата Коргоо министрлигинин башкаруу органдарынын аскер кызматчыларынын катышуусу менен митинг болуп өттү.***

Иш-чарада Коргоо министри генерал-майор Руслан Мукамбетов: "Өлкөнүн жетекчилиги тарабынан аскер кызматчыларын социалдык жактан камсыздоого бир топ көңүл бурулууда. Биз мындан ары да турак жай менен камсыздоону, ыңгайлуу, заманбап инфратүзүмдөрү бар аскер шаарчаларын курууну, аскер кызматчыларыбыздын статусун көтөрүү жаатындагы иш аракеттерди токтотпойбуз", – деди.



# Сапат жана инновация

***Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинде «Жогорку билим берүүдөгү сапат жана инновациялар» (КИВО) долбоорунун ишке ашуусунун башталышы тааныштырылды.***

Бул долбоор Кыргызстан менен Дүйнөлүк банктын тобуна кирген Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы каржылоо жөнүндө макулдашуунун алкагында ишке ашырылууда.

Долбоордун негизги милдети — улуттук артыкчылыктарга жана эл аралык стандарттарга жооп берген туруктуу сапат экосистемасын түзүү.

# Фермерлерди окутуу

***Кыргыз мал чарба жана жайыттар илимий-изилдөө институту КОРИА борбору менен биргеликте Ош облусунун Кара-Суу району, Ноокат району жана Кара-Кулжа району аймактарында мазмундуу жана практикага багытталган окуу семинарларын өткөрдү.***

Семинарлар айыл чарба малдарын туура багуу, рационалдуу тоюттандыруу жана жасалма жол менен уруктандыруу багытында фермерлердин жана тармак адистеринин билимин тереңдетүүгө арналды.

Негизги максат — фермерлерге заманбап мал чарбачылык ыкмаларын жеткирүү аркылуу өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу, малдын сапатын жана продуктивдүүлүгүн арттыруу.

# Дүйнөлүк искусствонун жаңы доору

***28-февралда Гапар Айтиев атындагы Кыргыз улуттук көркөм сүрөт искусство музейинде дүйнөлүк көркөм сүрөт искусствосунун тарыхы боюнча курсунун алкагында импрессионизм жана постимпрессионизм темасына арналган лекция өтөт.***

Лекцияны КУКСИМдин жетектөөчү илимий кызматкери, искусствовед, арт-менеджер жана куратор Акжибек Бейшебаева алып барат.

Иш-чаранын жүрүшүндө улуу импрессионисттер жана постимпрессионисттер — Клод Моне, Огюст Ренуар, Винсент ван Гог, Поль Сезанн, Анри Матисс, Поль Гоген жана башка белгилүү сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгынын негизги өзгөчөлүктөрү талданат.

Бул агымдардын өкүлдөрү искусствого болгон көз караштарды өзгөртүп, жарык менен түстү чыгармаларынын негизги көркөм каражаты катары колдонушкан. Алар маанайды жана сезимди жеткирүүнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыгып, заманбап искусствонун калыптанышына зор таасир тийгизишкен.

# Камбар-Ата-1 ГЭСиндеги көпүрө

***Бул объект келечектеги ири энергетикалык долбоордун негизги транспорттук түйүндөрүнүн бири болуп эсептелет жана ГЭС курула турган аянтка түз жетүүнү камсыздайт.***

Көпүрө Нарын дарыясы аркылуу салынып, станциянын оң жээгине туруктуу транспорттук байланыш түзөт. Ал ГЭСтин курулушуна керектүү материалдарды, оор техникаларды жана жумушчуларды өткөрүү үчүн маанилүү логистикалык объект болуп саналат. Жалпы жол инфраструктурасын өнүктүрүүнүн алкагында бул көпүрө өзгөчө орунду ээлейт.

Көпүрөнүн көтөрүмдүүлүгү — 400 тонна; узундугу — 200 метрге жакын; туурасы — 11 метр; оор жүк жүктөлгөн атайын техникаларды жана автоунааларды өткөрүүгө ылайыкташкан.

Учурда көпүрөнүн темир-бетон тиреөчү мамычалары толугу менен куюлуп бүттү. Темир конструкциялар жээкте чогултулуп, андан соң аркы жээкти көздөй этап-этабы менен жылдырылууда. Азыркы тапта 40 метрге жакын металл конструкция жээкте чогултулуп, анын 26 метри атайын мамычалар аркылуу суунун үстүнө жылдырылды.



**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ, «Кыргыз Туусу»**

Есениңден тамызгы алган Дарин

# Мекенчил...

Ыр жазат, публицистика менен шугулданат. Алган темалары: мекенчилдик, тарых, руханий баалуулуктар, коомдук маселелер. Анын чыгармалары адабий кечелерде жана маданий иш-чараларда көп окулат. Айрым макалалары жана ырлары орусиялык басылмаларда жарыяланган.

Дмитрий Дариндин поэзиясында мекенге болгон сүйүү, тарыхый эстутум жана салттуу баалуулуктар негизги орунду ээлейт. Ал орус маданиятын жана руханий мурастарды даңазалаган чыгармалары менен белгилүү.

Жазмакерликтен тышкары, ал айрым маданий жана коомдук уюмдар менен кызматташып, патриоттук багыттагы долбоорлорго катышып келет.

Дмитрий Дариндин поэзиясы тууралуу пикирлер ар түрдүү, анын ырлары мекенчилдик жана руханий темаларды терең чагылдырганы үчүн колдоого алынат. Айрым адабиятчылар аны заманбап орус патриоттук поэзиясынын өкүлү катары мүнөздөшүп, салттуу поэтикалык формага жана классикалык интонацияга ыктаганын белгилешет. Анын ырлары – патриоттук жана тарыхый темаларды жактырган окурмандар арасында популярдуу. Адабий кечелерде чыгармалары жылуу кабыл алынганы да анын ырларындагы мекен темасы.

Дариндин поэзиясынын өзөгүн ички дүйнө, инсандык абал, жалгыздык, сүйүү, руханий издөө сыяктуу негизги темалар түзөт. Акын сырткы окуяларды сүрөттөөдөн көрө, адамдын жан дүйнөсүндөгү абалды, кыймыл-аракетти алдыңкы планга чыгарат. Ырлар көбүнчө суроо коюу формасында өнүгүп, окурманды ой жүгүртүүгө чакырат. Дариндин лирикалык каарманы – сезимтал, ойчул, өзү тууралуу жана дүйнө жөнүндө күмөн санаого даяр инсан.

Анын каарманы көбүнчө жалгыз, бирок ал үчүн жалгыздык трагедия эмес, өзүн таанып-билүүнүн шарты катары берилет.

Дарин көбүн эсе символдорду колдонот. Көп кездешкен образдар: түн, жамгыр, жол, күз – бул өткөөл абалдын символу. Үнсүздүк – ички сүйлөшүүнүн белгиси, Жарык/көлөкө – руханий абалдын өзгөрүшү.

Бул образдар декоративдүү эмес, функционалдуу, башкача айтканда, идеяны ачууга кызмат кылат.

Акындын тили: метафорага бай, бирок ашыкча татаал эмес, эпитеттер аз, бирок так. Кайталоо (анафора, рефрен) – ички ритмди күчөтүү үчүн колдонулат. Салыштыруулар көбүнчө күтүлбөгөн, бирок логикалык жактан негиздүү.

Дарин классикалык салттуу формага байланбайт. Көп ырлары эркин уйкаштыкта, ички ритмге таянган, ойдун агымы менен өнүккөн структурада жазылган. Ошол үчүнбү бир учурда эле которгонго жеңил да, оор да.

Композиция көбүнчө айлампа мүнөзгө ээ: башталган ой акырында башка деңгээлде кайра кайрылат. Стилине келсек, акындын ырлары – интеллектуалдык лирика. Тили заманбап, жалпак тил менен жазат, ашыкча пафос жок.

Ошентип, жалпысынан Дариндин поэзиясына сезимге эмес, ойго таянган, тез окулуп, бирок узакка ойлонткон, лирикалык ички психологизмге бай ырлар катары баа берсек болот.

Айрым сынчылар анын поэзиясын идеялык багыты күчтүү, публицистикалык мүнөзгө жакын деп баалашат. Бул да туура. Мунун өзү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мекенчил саптар сөзсүз түрдө учур жыттанып турат, ансыз таптакыр мүмкүн эмес. Заманбап эксперименталдык поэзияга салыштырмалуу стили салттуураак деп эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда, Дмитрий Дариндин чыгармачылыгы көбүнчө идеялык мазмуну жана мекенчилдик темасы менен бааланат.

Эгер Дмитрий Дариндин ырларын Сергей Есениндин ырлары менен салыштырып карасак, окшош жактары бар: мекенге жана улуттук баалуулуктарга басым жасоо, салттуу поэтикалык ыргак, түшүнүктүү тил. А айырмасы – Есенин көбүнчө лирикалык, табият жана жеке сезимдерге басым жасайт. Даринде коомдук-саясий жана идеялык мотивдер көбүрөөк байкалат.

Мисал келтирсек, Есенинде:
Гой ты, Русь моя родная,
Хаты — в ризах образа...
Не видать конца и края —
Только синь сосет глаза.




**Акын, публицист жана коомдук ишмер Дмитрий Дарин – орус поэзиясынын белдүү өкүлдөрүнүн бири катары белгилүү.**

Как захожий богомолец,
Я смотрю твои поля.
А у низеньких околиц
Звонко чахнут тополя.

Пахнет яблоком и медом
По церквам твой кроткий Спас,
И гудит за косогором
На лугах веселый пляс.

Побегу по мятой стежке
На приволь зеленых лех,
Мне навстречу, как сережки,
Прозвенит девичий смех.

Если крикнет рать святая:
«Кинь ты Русь, живи в раю!»,
Я скажу: «Не надо рая,
Дайте родину мою».

«Гой ты, Русь, моя родная,
Хаты — в ризах образа…» – деген сыяктуу ыр саптарында, тили элпек, жумшак лиризм мүнөздүү. Даринде да айыл, табият образдары аркылуу, жеке сезимин билдирип мекенге кайрылат. Образдуулук, музыкалуулук басымдуу.

Даринди А.Блок менен салыштырсак, тарыхый тагдыр жана улуттук тема, руханий издөө мотивин окшоштурсак болот. Айырмасы – Блок символизм агымына таандык, поэтикасы татаалыраак. Дариндин стили түз, публицистикалык өңүтү басымдуу.

Ночь, улица, фонарь, аптека,
Бессмысленный и тусклый свет.
Живи еще хоть четверть века -
Всё будет так. Исхода нет.

Умрешь – начнешь опять сначала
И повторится всё, как встарь:
Ночь, ледяная рябь канала,
Аптека, улица, фонарь - деген Блоктун ыр саптарында тили өзгөчө: символизм, философиялык маанай, кайталанма образдар аркылуу терең ой берүү, татаал, көп катмарлуу маанилер бар.

Эгер Даринди Константин Симонов менен салыштырсак, окшоштуктары - патриоттук пафос, коомдук жоопкерчилик темасы. Айырмасы - Симонов согуш темасын жеке тажрыйба аркылуу чагылдырган. Дарин деле Улуу Ата Мекендик согуш темасына кайрылган ырлары арбын. Бирок бул ырларда согушка бүгүнкү күндүн көз карашынан баа берет, талдайт, көбүнчө заманбап коомдук жана руханий маселелерди көтөрөт.

Константин Симоновду окуп көрөлү:
Жди меня, и я вернусь.
Только очень жди,
Жди, когда наводят грусть
Желтые дожди,
Жди, когда снега метут,
Жди, когда жара,
Жди, когда других не ждут,
Позабыв вчера.
Жди, когда из дальних мест
Писем не придет,
Жди, когда уж надоест
Всем, кто вместе ждет.

Жди меня, и я вернусь,
Не желай добра
Всем, кто знает наизусть,
Что забыть пора.
Пусть поверят сын и мать
В то, что нет меня,
Пусть друзья устанут ждать,
Сядут у огня,
Выпьют горькое вино
На помин души…
Жди. И с ними заодно
Выпить не спеши.

Жди меня, и я вернусь,
Всем смертям назло.
Кто не ждал меня, тот пусть
Скажет: — Повезло.
Не понять, не ждавшим им,
Как среди огня
Ожиданием своим
Ты спасла меня.
Как я выжил, будем знать
Только мы с тобой,-
Просто ты умела ждать,
Как никто другой.

Бул ырдан көрүнүп тургандай, автор окурманга түз, ачык кайрылат. Ырда согуштук реалдуулук, сезим менен милдеттин айкалышы, күчтүү эмоционалдык пафос. Ырдын күчү мына ушунда.



Мындан кандай жыйынтык чыгарсак болот. Дмитрий Дарин салттуу поэзиянын нугунда жазган, идеялык мазмунга басым жасаган акын. Ал классикалык орус поэзиясынын интонациясын сактап, бирок мазмун жагынан заманбап коомдук темаларды чагылдырууга умтулат.

Анын стилин мүнөздөгөн жалпыланган үлгү: Мекен — тарыхтын тирүү үнү, жоопкерчилик — ар муундун жүгү. Тил өзгөчөлүгүнө келсек: Дмитрий Даринде идеялык түздүк мүнөздүү. Публицистикалык интонация бар. Руханий жана тарыхый темалар камтылган. Патриоттук пафос күчтүү.

Есенинде табиятты, айылды сүрөттөп, лирикалуулук басымдуулук кылып, аны жеке сезими аркылуу берсе, Блок символдор менен ойлонот, философиялык терең ойлорго бататт, руханий изденет. Симонов реалдуу турмушту жазат, патриоттук-эмоциалдык тон мүнөздүү, милдет, үмүткө идеялык басым жасайт. Дариндеги өзгөчөлүк тарыхый образдар аркылуу патриоттук-публицистикалык ой жүгүртөт, анын ырларында коомдук жоопкерчилик алдыңкы планга чыгат.

Дмитрий Дарин Ленинградда төрөлүп өскөн. Россиянын ДНР жана ЛНР жазуучулар союзунун, Россия журналисттер союзунун мүчөсү. 11 ырлар жыйнагынын жана 3 проза жыйнагынын автору. Ырлары араб, испан, болгар жана француз тилдерине которулган. С. Есенин (2005-ж.), М.Ю. Лермонтов (2019), Володин атындагы «ИМПЕРСКАЯ КУЛЬТУРА» (2022), В.С. Пикуля (2023), атындагы жана ж.б. сыйлыктардын лауреаты. Экономика илимдеринин доктору.

**Дарин саптар**

## СҮЙҮҮ КАНЫ

Мен – сүйүүнүн жарыгымын!
А сен менин күүгүмүм!
Чачтарыңдын өрүмүндө – көңүлүм
Көлөкөңдө өтөт менин өмүрүм.

Мен – сүйүүнүн Кудайымын!
А сен – менин дубамсың!
Канча сага жалбарбайын жалынып,
Сен чоочундай мени тиктеп турарсың.

Мен – сүйүүнүн Падышасымын!
А сен кулду сүйөсүң, арсыз кулду...
арсыз кул!
Ал камчыга, сөзгө дагы татыксыз.
Падышанын жары болгуң келбейт,
эмнең бул...

Мен – сүйүүнүн отумун!
А сен жолдон адаштың!
Сени эч качан кечирбеймин
Отунда өрттөйм кумардын!

Мен – сүйүүнүн кароолумун!
Көзүң тиктеп, үнүм катып үнчүкпайм –
Мен тирүүмүн! Тирүүмүн! Сен неге,
Сен ашыксың жарыбаган пендеге.

Мен – сүйүүнүн Кулумун!
Жан дүйнөңө көтөрүлүш жасадым!
Башка жол жок, чегинүүгө да болбойт
Же багынгын, багынткын.

Сүйүү барын танбайм,
бирок ал сүйүү
Бөтөн, чоочун... меники
эмес, сеники.
Башканыкы, а сен дагы
башкаларга
таандыксың
А мен – сүйүү канымын!

**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ,**
**"Кыргыз Туусу"**

Классика



Кыргыз эл жазуучусу Кубатбек ЖУСУБАЛИЕВ:

# Улакчы

## (аңгеме)

Атактуу улакчы Эргеш жепирейген тамынын алдында жалгыз таар шымын катынына жуудуруп коюп ичигине оронгончо дубалга жөлөнүп күнгө жылынып отурду. Ушу тапта анын бар акылы тамынын алдындагы соройгон эки талдын (экөөнүн боорун эчкилер кажып, жеп кетишкендиктен уйдун жампасы менен калың кылып шыбап койгон) ортосуна тартылган зымга илинген бир багалеги көк, бир багалеги сарыга боелгон (бул жиндинин Алайдын талаасындай шымына боек жетеби, жетпейт, бүт дүйнөнүн боегун чогултсаң да жетпейт) таар шымында эле. Муну билгенде жуудурбай өлөйүн деди ал ичинен кыжаалат болуп. Жолдон топ-топ болуп бака-шака түшүп өтүп жатышкан улакчылардын кужурунан ого бетер делебеси козголду.

– Мунуң деги быйыл кургайбы өзү! Күнөсүрөөк жерге илип койчу! Кайсы жер күнөсүрөөк? – деп корсулдады ал жанындагы эртеден бери өлүп-талып кир жууп жаткан аялына.

– Жаныман тойдура турган болдуң! Шымың башыңдан калгыр! Ушуну менен жүз жолу бир жерден экинчи жерге которттуң окшойт! Эмне, кудайдын күнү бир жерге жаман, бир жерге жакшы тиет дейсиңби! Кудайым бизге окшоп алакчы дейсиңби, баарына тең, баарына тең! – деди катыны күйөөсүнүн шымын зымдан булкуп-сулкуп алып тамга жөлөнгөн шатыга илип жатып. Катыны да жылаңач этине ашка-тойго кийген көк карга шайы көйнөгүн кийип алган эле. Коңултак галошунан кызыл ашыгы кызаңдап жүрдү. Шайы көйнөгү шамал болбосо да копол желбиреди. Адеп оңдонуп отургандыктан жука шайы неме көчүгүнө кыпчылып калган эле. Эргеш ушуну көрдү да парсылдап күлүп жиберди.

– Көйнөгүң кыпчылып калыптыр. Оңдоп ал да, комузумду алып чыгып бер, – деди катынына парсылдап күлүп болгондон кийин. Жолдон өткөн улакчылардын бака-шакасын уккусу жок. Комузун эрмектегиси келди. Бирок бир да күү билбейт эле (“Доңуз сойду – ит сойду” деген бир күүсү бар).

– Торпок улак бекен? – деди Эргеш. Катынынан ушинтип сурап койду. Катыны күпүйүп отуруп алып ушул күйгүздү дегиче үйгө кирип кеткенин көрсө да өзүнчө ушинтип сурап койду. Шымынын дале көк багалегинен көк, сары багалегинен сары тамчылардын сарыгып агып жатканын көргөндөн кийин, эми анын али бери кургабасына көзү жетип түңүлө баштады. Бир заматта эмне кылар айласын таппай заманасы куурула түштү.

– Эй, катын, кашектен коломтого улуу жагып туруп кактасаң кантет? Ошондо тезирээк кургайт беле дейм да, – деп кайра эле бул оюнан жанды. Баары бир катыны буга каршы чыгаарын ойлоду. Ойлогонундай эле комузду үйүнөн көтөрүп чыккан катыны безилдеп кирди.

– Сенин сөзүңө кирип дагы шымыңды өрттөп алып токмок жейинби! Сенин шымыңды отко кургатайынбы же киримди жууюнбу? Бүт айылдын кашегин чогултуп жаксаң да шымың кургабайт. Күпүйүп отуруп алып оозуна келгенин оттой берет экен. Эми бүгүн барбай койсоң хандыгыңдан түшөт белең. Ушул улак деп жүрүп бир күнү арка мойнуң алдында калат…

– Эй, дайүз, болду эми! Унчукпай койсо бажаңдап көп сүйлөп баратасың да! – деди Эргеш чыны менен ачуусу келип. Комузду катынынын колунан булкуп сууруп алды да кайра шилтеп калды. Эргештин ачуусу чукул экенин билген катыны токмок жеп жүрүп бир жолу жалтак болгон малдай кача берди. Комуз тийген жок. Тепкеси ыргып кетти. Эргеш ушундай, колуна эмне тийсе өлөр-таларына карабай шилтеп калат.

– Тепкени алып бер! – деди Эргеш ызырынып.

Тып басылган катыны артына кылчак-кылчак караганча кайра кир жууганга отурду. Эргештин алымсынбай калганда атып урмай адаты бар эле.

– Өзүң алып ал, – деди катыны. Оозу бош айтты.

– Дайүз, алып бер дейм! – деди Эргеш комузун коомайлап.

– Өзүң алып ал, – деди катыны. Акырын айтты.

Айтканы угулган жок. Эргешке караган жок. Комузу менен атып ура койбос деп ойлоду. Кайра минтип ойлогондон пайда жок экенин ойлоду. Эргеш өзү айткандай комузга караса Эргеш болбой калсын, Эргеш аты өчсүн, комуз менен атып уруп калды. Кийин, беш-алты күн өткөндөн кийин көңүлү кичине түзүгүндө кокусунан ушул жөнүндө эскерип минтип айткан: “Кап, ошондо тийбей гана калды да, болбосо бир жериң сынат эле”. Бул Эргештин ошондогу итчилигиңди кечирдим дегени, эркелеткени эле. А эми болсо же ачуудан жок же комуздан жок, катыны айткандай “күпүйүп отуруп калды”. Ушундан кийин гана баятан бери көңүлүнүн түбүндө орун алган бир оюна биротоло кошулду да ордунан турду. Улак тартпасам да тамашасын көрүп келейин деди. Бая эле ушинтпей деди. Бул оюна кубанып койду. Кайра улактын башталып калганын ойлоп кыйласын өткөрүп жибергенин, кыйла тамашадан кур калганын ойлогондо жаш баладай ичи ачышты. Эргештин турмушта эки эрмеги, бир кумары бар. Катын менен комуз эрмеги. Көкбөрү – кумары. Кыл чылбыр менен белин бууду. Баятан бери токулуу бойдон окуранып, жер чапчып турган Тиштенээк Кашкасын тамдан жетелеп чыкты да шарт минип жөнөп кетти. “Жолдон кулпуланып алармын” деди ичинен мингенде кызаң дей түшкөн жылаңач буттарын көрүп. Бир ойлогондон ушинтип ойлоду. Катыны менен комузун таарынткан бойдон калтырды. Экөөнү бир заматтын ортосунда унутуп калды. Эргешти жолдугата бир нерсе гана кыжаалат кылды. Ичигинин жүнү этин сайгылап, кычыштырып, мазесин кетирди. Барар барганча, барып жеткенче картылдатып тырманып барды. Эргеш Жалгыз Долонго жеткенде, буердин эли көкбөрүнү дайыма ушерден чабышат, улакчылар бири-бирине койдой ыкшалып, буу чыгып турушкан экен. Так ортосунда көөдөнүнөн өйдө жылаңач, жылаңбаш, кемөөч салган карышкырдай камчысын туурасынан тиштеген Алим Сарыктын чамынып жүргөнүн көргөндө каны кызып барып токтоду. Кайнап турушкан экен деди. Алим Сарык да Түштүк кыргызга атагы чыккан улакчы болгондуктан, анча-мынча мындай жыйындарга келбей турган. Эргеш анын биякка башка себеп менен келгенин кулагы чалган. Былтыр, ушундай кеч күз, бир кар жааган маалда, дагы бир чоң улакта жолугушуп сүйлөшүп калышканда сөздөн сөз чыгып отуруп жакында жаш катынга үйлөнгөндүгүн мактанып айткан эле. Эми азыр айтуудан, ошол жаш катыны да качып кеткен имиш. Алим Сарыкка калп-чынын ким билсин, бир жылдан ашык эч ким чыдабайт. Каныкей болсо да чыдабайт деп айтышат. Алим Сарык да бул жагынан Эргешке окшоп даңктуу эле. Бирок Эргешке кийинки катыны эмнегедир токтоп калды, кембагал. Кээ-кээде гана төркүнүнө качып кетип бир айлап, эки айлап жүрөт да, кайра келет. Мени өлтүрмөк болду, кой дебейсиңерби бул жиндини, деп ыйламсыраганына энеси: “эми бул узун жиндини кудай ошондой жаратып койсо кантет элең, эми башыңа түшкөндү өз мойнуң менен тарт, балам” деп кайра жөнөтөт. Айтуудан, Алим Сарык ылайыктуу катын издеп келген имиш. Эргеш ушинтип уккан. Алим Сарыкты көргөндө эле башына ушу келди. Ушундан баштап Эргеш Алим Сарыктан көзүн алган жок. Башкаларга карабады. Башкалар бир тең, Алим Сарык бир тең эле. Анын үстүнө башкалардын баары маани, ушердеги бүт жыйындын баары Алим Сарыкты гана карагандарын байкап, камчысын кандай тиштегенин, Көк Баштысын кандай темингенин, чачтарын устара менен жаңы кырдырган сокудай башынан булоо чыкканын, шоргологон терин кандай аачыганын, шыпырганын, алаканы менен шыпырганын, билеги менен шыпырганын, билегинин дөңгөчтөй жоондугун, манжаларынын кычкачтай шадалуу экендигин, койчу, ар бир кыймылын сая кетирбей айтып, кобурашкандарын угуп жини келди. Ичи тарыды. Өлөөрчө кызганды. Ушинтип ачык ойлобосо да Алим Сарыктын ордунда азыр өзүнүн болбогонуна, жамгырдай жааган мактоолордун өзүнө жаабаганына ичи ачышты. Ичи туз куйгандай ачышты. Эргештин жыйынга жини келди. Өзү болсо ушу жыйындын мактоосуна бир жолу көнүп, бир жолу ишенип алганы оюна да келген жок. Жөн эле мактайт десе мактап, таң калат десе таң кала беришет экен да, эмне кылып атат деги? Катындарга окшоп колдорун арбаңдатып атат деди. Жанындагы бирөөнүн: “Ой, атаңдын көрү о-ой! Алим Сарыкты карагыла!” дегенин угуп итиркейи келди. “Чын эле ошол атаңын көрү болот, кара, жакшылап кара деди. Ичи тарып кызганганынан өзүнүн атак-даңкын, улакчылык сыймыгын, адемин унутуп койду. Картылдатып тырманып койду. Картылдатып тырманганын жанындагылардын баары угушту.

– Ой Эргеш, кирбейсиңби! Чурайыңа колуңду салбай!

Эргеш муну ким айтканын бурулуп караган жок. Тырманганын угуп, көрүп алганын ойлоп ичинен уялып кетти. Бир чети буга жини келди. Унчукпай шарт бастырып кетти. Бул элүү жаштагы жыйындын эрке баласы ушу тапта өзүн акмактай сезди.

Окуудан келатып эле көкбөрү болуп атканын көрүп бурулуп калды. Эргештин буерде пайда болгонун биринчи байкаган, анын ар бир кыймылына көз салып, кишилерден качып өзүнчө жалгыз турганын ар нерсеге жоруп, эмнеге жөн гана карап Тиштээк Кашканын үстүндө соксоюп отурганына, эмне үчүн адатындай тонун чечип, анан чаап келип өзүнө ыргытып бербегенине түшүнө албай, Эргештин коңшусу, көзү азиз кемпирдин же элдин баары бир ооздон аташкандай, “көр кемпирдин” сегиз-тогуз жашар небереси өзүнчө бушайман жеп, жер бүткөндөн бери турган картаң Жалгыз Долононун тартайган-туртайган бутактарында кожум-кожум болуп, чөкө таандардай чуркурашып учуп-конуп, көкбөрүнү тамаша кылышкан жаш балдардын арасында ойго батып отурду. Эргеш акелеп эки-үч жолу кыйкырып көрдү. Бирок атайы укпастыгын кашында бастырып кеткенин көрүп башка кыйкырган жок. Эргештин баласы жок. Жакын арада аш-той, улак болуп калганда аны аркасына учкаштырып дайыма өзү менен кошо ала барат. Тонун, Тиштээк Кашкасынын жабуусун кайтартып отургузуп коет да, кайра улак бүткөндө учкаштырып ала кетет. Эргеш көңүлү жакшы болгондо улактан алган шыбагасын бүт эле ага карматат. “Ме сагырым. Көр энең экөөңөр шорпо кылып ичкиле” дейт. А көпчүлүк кезде ал үмүт кылса да бербей өзү үйүнө алып кетет. Эми Эргештин тонун алып келип бербесине көзү жетип түңүлө баштады. Алим Сарык ага да жаккан жок. Жанындагы жолдошторунун Алим Сарык жөнүндө, бир гана Алим Сарык жөнүндө сүйлөшкөндөрү, Алим Сарыкты гана карашкандары анын да итиркейин келтирди. “И-ии таза, калп эле тырбалаңдайт. Эргеш акем жанында болсо шоона эше албайт элең” деди. “Сени караган эч ким жок, мактанбай эле кой” деди. Өзүнүн да Алим Сарыкты карап отурганы оюна келген жок. Өзүнөн өзү отуруп эле улактан кызыгы таркай баштады. Эс тарткандан бери дайыма башаягына дейре тынбай кызыгып карап отурчу көкбөрүсү, кээ-кээде кокусунан эле ымыркай дүйнөсү суусу жалп төгүлгөн челектей бош калып, аңгырап бопбош калып, таянарга тоо таппай, согушарга жоо таппай калганда, эртең, эртең, эртең же бүрсүгүнү, бүрсүгүнү, бүрсүгүнү, же анын аркы күнү – үйрүлөргө үйү жок, айрыларга алачыгы жок күндөрдүн биринде көкбөрү болот экен дегенди укса аңгырап бош калган ымыркай дүйнөсү кайрадан толуп, бака-шака түшүп, таянарга тоо табылгандай, кездешерге жоо табылгандай, тезирээк таңдын атышын, тезирээк күндүн чыгышын зарыгып күттүргөн, ичинен кудуңдатып сүйүндүрүп ушунчалык бактылуу кылган, дайранын шарындай күүлдөгөн элдүү-журттуу көкбөрү азыр анын итиркейин келтирип же итиркейине тийгенге да жарабай, эл-журт өлүккө үйүлгөн чымындардай же баягы биринчи кар түшөрдүн алдында мектепке кышкы отундук арчаларды ташыганы эркек окуу-чулар, эркек мугалимдер болушуп эшек, төө минишип тоого барышканда көрүшкөн.

Эргеш Бөрдөйдүн (айылда: кара, көк, сары, кызыл, мас улакчы Эргештер бар) аңгекке түшүп арам өлүп калган жалгыз уюнун тарпын жеп тоюп алышкандыктан уча албай койдой жайылып жүрүшкөн кузгундардай көрүнүп, адамдардын бири-бирине жөөлөшүп, күчтүүсү күчсүздөрүн урдура коюшуп, а тигиниси урдурганына да кайыл, басмайылынын үзүлгөнүнө да кайыл, ээри менен кошо ооп түшүп аттардын туяктарынын алдына калганына да кайыл (туяктарынын алдында калса да аттар адамды тепселешпей турганын Эр-

→

гештен уккан), гүү-гүү, дуу-дуу түшүп турушкандарына кайдыгер гана көз учунан карап турду. "Эмнеге мынча жан талашышат? Эмнеге умтулушат?" деди. "Өлүккө" деди. Анан кайра "торпоктун" деп өзүн-өзү оңдоп, тактап койду. Бул кокусунан пайда болгон кайдыгерлиги Эргештин жөн гана карап тургандыгынан, балдардын баары каяктагы бир башка алыс жактан келген боккор – Алим Сарык деген неме жөнүндө гана кеп кылышкандарынан, Алим Сарыкты мактагандарынан улам экендигин, эгер ушу тапта Эргеш ага чаап келип тонун таштап кетсе, анан адатындай Тиштээк Кашкасы менен жыйынды бычактай жарып кирсе, мунун баарын заматта унутаарын, кайрадан кызыгып көрө баштарын өзү билип турса да мойнуна алгысы келген жок. "Өлүк чабыш, өлүк тартыш" деди. Кеткиси келди. Анын үстүнө курсагынын ачканын, балдар айткандай, ичегисинин үзүлүп бараткынын сезди. Кыштын күндөрү чөнтөгүнө курут салып алат. Же карга көөмп коет. Анан мектептен келатканда жейт. Кээде таппай калат. Иттер уурдап жеп кетишет. Өтүгү тайгалак. Кар менен басканда күчү көп кетет. Курсагы тез ачат. Азыр болсо кар жок, кыш түшө элек… Ал ушул тапта бирөөнүн жоо сайгандай айкырып-кыйкырганын укту. Бул кыйкырган Алим Сарык эле. Алим Сарык улакты жерден эңип алып жапма басып Көк Быштысын жалга койгулаганча топтон жойлоп чыгып бaратканын көрдү. Алим Сарык үйдөй таранчыга тийген кыргыйдай чакчалекей түшүрдү. Топту жарып чыккандан кийин чоң улакчылардын расмисин кылып жыйынды аралатып, айландырып бир чапты да эч кимдин кармашпаганын көрүп, Көк Быштынын оозун мөрөйгө көздөй бурду. Мөрөй Жалгыз Долоно эле. Бир гана чоң, шамалдай күлүк чум кара аттын үстүнө чымчыктай конгон кичинекей кыяктай арык чал өлүп-тирилип жалынып артынан ээрчип жүрдү. "Айланайын Алим Сарык! Балаңан айланайын Алим Сарык! Катыныңан айланайын Алим Сарык! Бир ашырып кой!" деди. Алим Сарык ага карап да койгон жок. Шамалдай чум кара ат минген чал көзү азиз кемпирдин небересинин таятасы эле. Кемпири, шамалдай чум кара ат, таятасы үчөө бир тамда жашашат. Бир бурчунда экөө, бир бурчунда шамалдай чум кара айгыр. Түндөлөрү экөөнө чырактын да кереги жок. Шамалдай чум кара айгырдын көздөрү чырактай күйөт. Чыртыйын эч ким менен сүйлөшпөйт. Көргөн-бакканы шамалдай күлүк чум кара ат. Үйүндө башка тиш чукурга бир нерсеси жок. Кемпиринин көйнөгү да жок… Кеткиси келди. Кайра көргөн көзүнө ишенбей туруп калды. Ой, эмне үчүн тонун чечпейт деди ал бир ойлогондон. Бир ойлогондон ушинтип ойлоду. Эргеш торпок улакты (кыпкызыл чоң торпок экен) эки колдоп чирене тартып Алим Сарыкты тап жылдырбай турду. Көзү азиз кемпирдин небереси кубанганынан "жашасын!" деп кыйкырып, тура калам деп Жалгыз Долононун башынан жерге учуп түштү. "Такымга баспайсыңбы?!" деди ал учуп баратып. Эргеш кичинекей коңшусунун кеңешин уккандай ичигин шарт чечип ыргытты. Улакка эки колдоп кычкачтай жабышты. Такымга басты. Алим Сарык улакты алдырып жиберди. Көзү азиз кемпирдин небереси учуп барып ордунан турганда улакчылар кыраанкаткы күлүп жатышкан эле. Ал элеңдеп эч нерсеге түшүнгөн жок. Чоң улакчылардын расмисин кылып топ аралата чаап жүргөн Эргешти көрдү. Артынан кубалаган эч ким жок эле. Эргеш жалгыз чаап жүрдү, улакчылар аттарынын жалына өбөктөшүп, оол-жыгылып күлүп жатышты. Энеден туума Эргештин жүзүнө карап (ылдый жагына карагандан коркту), эмне болгонун түшүндү да, оң жак чыканагы (жерге чыканагы менен тийди) сынып кеткендей ооруганыбанбы же башкаданбы, ыйлап жиберди.

А Эргештин артынан бир гана баягы таятасы жалынып-жалбарып: "Айланайын Эргеш! Катыныңан айланайын Эргеш! Балаңан айланайын Эргеш! Чочогуңан айланайын Эргеш! Бир ашырып кой, бир ашырып кой!" деп кубалап жүргөнүн көргөн жок.

## Жараксыз деп табылсын

**Маматова Саламатка** таандык Ош шаарынын П. Айтматов атындагы көчөсүндөгү 63-үйдүн (идент. коду: 5-11-01-0006-0395) 10.07.2008-жылы берилген сериясы: Ч, № 159187 сандуу мамлекеттик актысы жана 2023-жылдын 9-февралында түзүлгөн № 511-2023/7018 сандуу сатуу сатып алуу келишими жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**С/О 77**

## Жараксыз деп табылсын

Кара-Суу районундагы Мады айыл өкмөтүнүн жер участогун мөөнөтсүз ( мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдалануу укугу жөнүндө жайыт комитетине тиешелүү болгон 25.09.2012-жылы берилген сериясы: **Б № 016147 сандуу мамлекеттик актысы** жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ТА**

## Жараксыз деп табылсын

КР транспорт жана жол министрлигинин автомобиль, сууда жүрүүчү транспортунун жана салмак габараттык контролдоо агенттиги тарабынан **Закирджанов Муродил Махмудовичке** 26.09.2024-жылы берилген лицензиянын негизинде алынган мамлекеттер аралык жүк ташууга руксат берүүчү №240327 бланктын (Өзбекстан) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ТА**

## ОсОО «АИМ.Лоу.Партнерс»

ИЗВЕЩАЕТ

об отмене повторных публичных торгов, назначенных на **25 февраля 2026 года в 14:00 часов** по месту расположения предмета залога в ЗАО АКБ «Толубай» - жилой дом по адресу: **Кыргызская Республика, г. Бишкек, Ленинский район, ж/м Арча-Бешик, ул. Арча-Бешик-23, д. 18,** идентификационный код: 1-01-05-0028-0584, принадлежащий на праве частной собственности **Салмурзаеву Азамату Ишеналыевичу.**

Объявление о повторных торгах было опубликовано в газете «Кыргыз Туусу» №5 (24975) от 27.01.2026 года, на стр. № 15.

**С/О 77**

## Жараксыз деп табылсын

1998-жылы Ош мамлекеттик университетинин филология факультети тарабынан **Эрмекбаева Жамила Абибиллаевнага** берилген диплом номери ГВ 12323, каттоо номери 1104 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын...

**ТА**

Кара-Суу районунун Мады айыл аймагынын Социализм аймагында жайгашкан 1, 0 га. жер участогун 49 жылдык мөөнөткө ижарага пайдаланууга, долбоорлоого жана өндүрүштүк кайра иштетүүчү ишкана куруу үчүн сынак жарыяланат.

Сынак **1 ЛОТ** менен коюлат.

Сынак **2026-жылдын 26-мартында саат 16-00дө** Мады айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өтөт.

Дареги: **Ош облусу, Кара-Суу району, Мады айыл өкмөтү.**

Сурап-билүү номерлери: **0554 73-71-72, 0-550-66-12-21, 0-755 10 02 60**

**ТА**

## Жараксыз деп табылсын

**Эргашев Хайрилла Хабибуллаевичке** таандык Кызыл-Кыштак айыл аймагындагы жайгашкан үлүш жердин (идент. коду; 5-11-17-0010-0431) 25.12.1998-жылы берилген сериясы: Окс-8-02 № 0902 сандуу жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ТА**

**«КЫРГЫЗ ТУУСУ» БАСМА ҮЙҮ**

**Сиздерге 50 адамга эсептелген конференц-зал сунуштайт**

Кошумча маалымат алуучулар жана кызматташкысы келгендер үчүн даректер:
Бишкек ш., Т.Абдумомунов көчөсү, 193,
тел.: 62-20-51, 62-20-52.

**E-mail: tuusu@infotel.kg, kyrgyztuusu@gmail.com**

**«Кыргыз Туусуна» кош келиңиз!**

## СПЕЦИАЛЬНОЕ ИЗВЕЩЕНИЕ О ЗАКУПКАХ

# Запрос на подачу Конкурсных предложений

**(Одноконвертная процедура торгов)**

**Страна:** Кыргызская Республика

**Название проекта:** Второй проект «Региональное экономическое развитие» в Баткенской области (ПРЭР-2)

**Название контракта:** Строительство школы на участке Ак-Орук квартала Кызыл-Жол в городе Баткен.

**Займ№/Кредит №/Грант№:** Кредит №: 7049-KG; Грант №: D976-KG

**ЗПКП № ARIS-IDA-RED2-CW-RFB-2026-1**

1. Кыргызская Республики получила финансовую помощь от Всемирного банка на покрытие расходов по второму проекту «Региональное экономическое развитие» в Баткенской области (ПРЭР-2) и намеревается использовать часть средств на осуществление платежей по Контракту на строительство школы на участке Ак-Орук квартала Кызыл-Жол в городе Баткен, Баткенской области. По данному Контракту, Заёмщик будет осуществлять платежи с использованием метода прямого платежа, как это определено в руководстве Всемирного банка по выплатам для финансирования инвестиционных проектов.

2. Настоящим Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики приглашает правомочных участников торгов подать заявки в запечатанных конвертах на проведение строительство школы на участке Ак-Орук квартала Кызыл-Жол в городе Баткен, Баткенской области.

3. Тендерные торги будут проводиться посредством национальных конкурентных закупок с использованием Запроса предложений (RFB), как указано в «Положениях о закупках для заемщиков ОПЗ» Всемирного банка, изложенных в «Правила закупок для заемщиков ФИП» Всемирного банка изданное в сентябре 2023 года. ("Правила закупок"), и открыт для всех правомочных участников торгов, как определено в Правилах закупок.

4. Заинтересованные правомочные участники могут получить дополнительную информацию в Агентстве развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики, Исполнительный директор, Наспеков Марс Дамирович, **e-mail: Zakupki@aris.kg NTalantbekov@aris.kg** и изучить тендерную документацию в рабочее время **с 09:00 до 18:00 часов** по указанному ниже адресу.

5. Заинтересованные правомочные Участники торгов могут получить полный пакет Тендерных документов на английском и/или русском языках после регистрации/авторизации на сайте АРИС **www.aris.kg.**

**Предтендерная встреча с участниками торгов состоится в 14:00 часов местного времени 13 марта 2026 года по указанному ниже адресу.**

6. Конкурсные предложения должны быть доставлены по адресу, указанному ниже, не позднее **11:00 часов (по Бишкекскому времени) 8 апреля 2026 года.** Проведение торгов в ***электронной форме не предусмотрено.*** Конкурсные предложения, представленные позже указанного срока – **отклоняются.** Конкурсные предложения будут вскрыты в присутствии членов тендерной комиссии и уполномоченных представителей участников торгов, и всех тех, кто пожелает присутствовать лично по адресу, указанному ниже в **11:00 часов (по Бишкекскому времени) 8 апреля 2026 года.**

7. Все тендерные предложения должны сопровождаться Декларацией об обеспечении тендерного предложения.

**Агентство развития и инвестирования сообществ Кыргызской Республики (АРИС);**

**Кому: Наспекову Марсу Дамировичу – Исполнительному директору АРИС;**

**Адрес: Кыргызская Республика, г.Бишкек, ул. Боконбаева 102, 11 кабинет.**

**Телефон/факс: +996(312) 30-18-05 (вн. 118).**

**Эл. почта: Zakupki@aris.kg NTalantbekov@aris.kg**

**С/О 80**

**Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги 2026-жылдын 14-мартында саат 09:00дөн 18:00гө чейин «Hyatt Regency Bishkek» мейманканасында (Жусуп Абдрахманов көчөсү, 191) төмөндөгү күн тартиби менен Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Уюштуруу съезди өтө тургандыгын маалымдайт:**

1) Съезддин катчылыгынын мүчөлөрүн шайлоо;
2) Съезддин эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүн шайлоо;
3) Съезддин күн тартибин бекитүү;
4) Съезде бекитилүүгө тийиш болгон документтердин долбоорлоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча берилген сунуштарды кароонун жыйынтыгы боюнча жумушчу топтордун төрагалары тарабынан маалымат берүү;
5) Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Уставын бекитүү;
6) Медиатордун кесиптик этика кодексин бекитүү;
7) Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Кеңеши жөнүндө жобону бекитүү;
8) Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Этика боюнча комиссиясы жөнүндө жобону бекитүү;
9) Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Ревизиялык комиссиясы жөнүндө жобону бекитүү;
10) Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасын өнүктүрүү программасын 2026-2028-жылдарга бекитүү;
11) Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Кеңешин 6 (алты) мүчөдөн турган курамда шайлоо;
12) Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Этика боюнча комиссиясынын 5 (беш) мүчө-медиатордон турган курамын шайлоо;
13) Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Ревизиялык комиссияны 3 (үч) мүчөдөн турган курамда шайлоо;
14) Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Кеңешинин, Этика боюнча комиссиянын жана Ревизиялык комиссиянын мүчөлөрүнүн резервдик тизмелерин бекитүү;
15) Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Кеңешинин, Ревизиялык комиссиянын мүчө-медиаторлоруна, Этика боюнча комиссиянын мүчө-медиаторлоруна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Медиаторлор палатасынын Кеңешинин төрагасына, Этика боюнча комиссиянын төрагасына, Ревизиялык комиссиянын төрагасына жана алардын орун басарларына төлөнүүчү сый акылардын өлчөмүн аныктоо;
16) Ар кандай маселелер.

Бардык суроолор боюнча төмөнкү байланыш телефондоруна кайрылсаңыздар болот:

Каримбекова Анара Камытовна — +996 770 511 811
Баратова Айнура Эрнисовна — +996 778 220 004
Халелова Ботагоз Ерлановна — +996 555 960 008

**Настоящим Министерство юстиции Кыргызской Республики информирует о том, что 14 марта 2026 года с 09:00 до 18:00 часов, в отеле «Hyatt Regency Bishkek» (улица Юсупа Абдрахманова, 191) состоится учредительный съезд Палаты медиаторов Кыргызской Республики, с нижеследующей повесткой дня:**

1) Избрание членов секретариата Съезда.
2) Избрание членов счетной комиссии Съезда.
3) Утверждение повестки дня Съезда.
4) Представление информации председателями рабочих групп по итогам рассмотрения внесенных предложений по внесению изменений в проекты документов подлежащих утверждению на Съезде.
5) Утверждение Устава Палаты медиаторов Кыргызской Республики.
6) Утверждение Кодекса профессиональной этики медиатора.
7) Утверждение Положения о Совете Палаты медиаторов.
8) Утверждение Положения о Комиссии по этике Палаты медиаторов.
9) Утверждение Положения о Ревизионной комиссии Палаты медиаторов.
10) Утверждение Программы развития Палаты медиаторов Кыргызской Республики на 2026-2028 годы.
11) Избрание Совета Палаты медиаторов Кыргызской Республики в составе 6 (шести) членов.
12) Избрание членов Комиссии по этике Палаты медиаторов Кыргызской Республики в составе 5 (пяти) членов-медиаторов.
13) Избрание Ревизионной комиссии Палаты медиаторов Кыргызской Республики в составе 3 (трех) членов.
14) Утверждение резервных списков членов Совета Палаты медиаторов, Комиссии по этике и Ревизионной комиссии.
15) Определении размера вознаграждения членов-медиаторов Совета Палаты медиаторов, Ревизионной комиссии, членов-медиаторов Комиссии по этике, а также председателя Совета Палаты медиаторов, председателя Комиссии по этике, председателя Ревизионной комиссии и их заместителей.
16) Разное.

**По всем вопросам можно обращаться по следующим контактам:**

Каримбекова Анара Камытовна – +996 770 511 811.
Баратова Айнура Эрнисовна – +996 778 220 004.
Халелова Ботагоз Ерлановна – +996 555 960 008.

С/О 76

## Жараксыз деп табылсын

**Алиева Жамалдын** үй-бүлөсүнө таандык Ноокат районундагы Кеңеш айыл өкмөтүнүн Ак-Терек айылында жайгашкан үлүш жерине (идент. коду: 5-05-07-0017-0590) 10.12.2004-жылы берилген сериясы: КИ, №1896 сандуу жерди пайдаланууу укугуна ээ күбөлүгүнүн жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

## Жараксыз деп табылсын

**Кадыркулов Эркебек Акасовичке** таандык Ош шаарындагы Көкүм бий көчөсү-67/1 дарегинде жайгашкан жер тилкенин (идент. коду: 5-11-04-0330-0110) 15.11.2007-жылы берилген сериясы:Ч, №117750 сандуу мамлекеттик акты жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

## Жараксыз деп табылсын

**Кадыркулов Эркебек Акасовичке** таандык Кара-Суу районундагы Мады айыл өкмөтүнүн Балхашты айылында жайгашкан жер тилкенин (идент. коду: 5-04-10-0039-1045) 28.08.2019-жылы берилген сериясы:Ч, №874413 сандуу мамлекеттик акты жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

## Жараксыз деп табылсын

**Камаев Канболотко** таандык Кара-Суу районундагы Датка айыл өкмөтүнүн Ташлак айылындагы жалпы аянты 600,0 чарчы метр жер тилкеде жайгашкан турак жайдын (идент. коду: 5-04-17-1002-3851) 24.07.2012-жылы реестрде 27498-номер менен катталган сериясы:Ч, №1070691 мамлекеттик акты жана 2012-жылдын 21-октябрында түзүлгөн №67988 сатуу жана сатып алуу келишими жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ТА

СПЕЦИАЛЬНЫЙ АДМИНИСТРАТОР

## ОсОО «Строительный Атлант Холдинг» Нарынбаев А.А. продаёт:

Незавершенное строительством многоквартирное жилое здание с нежилыми помещениями на первом и цокольном этажах, расположенное на двух земельных участках по адресу: Кыргызская Республика, город Бишкек, Ленинский район, улица Курчатова 27, ЕНИ1-01-11-0059-0225 и ЕНИ1-01-11-0059-0451, общей площадью 1000 кв.м., принадлежащих Обществу с ограниченной ответственностью «Строительный Атлант Холдинг» – банкрот на праве временного пользования.

Площадь возведенного объекта составляет 16 511,5 кв.м.

Имеются актуальные разрешительные документы на строительство. В случае необходимости будет предоставлено техническое обследование объекта.

Объект свободен от прав третьих лиц, под арестом и обременением не состоит.

Стартовая цена продажи **192 390 000 сом.**

Объект предназначен для продолжения строительства, в связи с чем, предпочтение будут отдано потенциальным покупателям, имеющим строительную лицензию.

Для получения необходимой информации просим направлять официальные запросы по номеру телефона **+996 550 45-43-45.**

С/О 68

Ош облусу, Кара-Суу району, Савай айыл аймагынын Ынтымак, Савай жана Кыдырша айылдарындагы айыл чарба жана саздак жерлерге **2026-жылдын 10-мартында** Савай айыл өкмөтүнүн имаратында аукцион өткөрүлөт.

| № | Айылдын аталышы | Контур | Га |
|---|---|---|---|
| 1 | Ынтымак | 130 | 2,0 |
| | | 195 | 3,5 |
| | | 141 | 2,0 |
| 2 | Савай | 106 | 7,0 |
| | | 370 | 1,0 |
| | | 280 | 7,5 |
| 3 | Ынтымак | 283 | 7,40 |
| | | 285 | 1,30 |
| | | 815 | 1,80 |
| | | 524 | 3,20 |
| | | 528 | 0,45 |

Бардык кызыкдар тараптар аукционго катышууга чакырылат. Сурап-билүү үчүн байланыш телефону: **0552 02 22 02.**

С/О 79

## Кулактандыруу

Ново-Покровка айылындагы Ленин көчөсү, 477 (Центральная улица) жайгашкан 8 сотыхтан турган, газы жана суусу бар үй сатылат. Баасы келишим түрдө.

Чалуу телефондору: **(0555) 77-01-50, (0702) 20-08-77.**

П-65

## ОБЪЯВЛЕНИЕ

Продается черный металл 3-тонны.
По адресу: г. Бишкек, ул. Байтик-Баатыра 122, Профессиональный лицей №5.
Тел: **59-18-74 : 0705440582**

С/О 78

«Кыргыз Туусу» басма үйү | Ээси: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети | ISSN 1694-6189 | tuusu@mail.ru | www.kyrgyztuusu.kg

Директор – башкы редактор
**КУЛМАТОВ Алмаз**

**Кабылдама – 62-20-18**

Башкы редактордун орун басары
**АЙДАРОВ Керим – 62-20-17**

Башкы редактордун кеңешчиси – **МАМБЕТОВ Курманбек**
WhatsApp: 0555 32-02-02

Жооптуу катчы
**АЛЫМБЕКОВ Темирбек – 62-20-25**

Башкы эсепчи
**ИСАЕВА Динара – 62-20-51**

Маданият бөлүмүнүн башчысы
**ТАШТАНАЛИЕВ Болотбек – 62-20-66**

**Илимий баяндамачы:**
**ОСМОНАЛИЕВ Каныбек – 557 24-37-37**

Директордун коммерциялык иштер боюнча орун басарлары:
**ЖЭЭНАЛИЕВА Жыпара – 62-20-26**
**БЕДЕЛБЕК кызы Вера – 62-20-27**

Сайт-редактору
**РАХМАНБЕРДИЕВА Гүлмайрам – 0501 86-00-89**

**Рекламалык менеджер:**
**АЛЕМСЕИТОВА Эльвира**
тел/факс: 62-20-29.
WhatsApp 0508 07-07-20
gezit-tuu@mail.ru

Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустары боюнча өкүлү
**СОПУБЕКОВ Баатырбек – 0778 44-48-61**

**Өз кабарчылар**

Ош – **АБДЫРАЗАКОВ Төлөнбай – 0773 79-21-17**
Ысык-Көл – **ТҮРК Жээнбай** – **0772 52-78-52**
Чүй – **ЖУМАГУЛОВ Болот** – **0704 28-06-51**
Талас – **ИМАНКУЛОВ Козубек – 0708 04-63-63**

**Чыгышына жооптуу редактор**
**Гүлмайрам РАХМАНБЕРДИЕВА**

«R» белгиси бар материалдар жарнама иретинде жарыяланган. Кол жазмалар жана сүрөттөр кайтарылбайт. Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт жана гезитке жарыяланган сырт авторлордун материалдарынын мазмуну редакциянын позициясын билдирбейт.

**Гезиттин индекси: 68416**
Жарнамалар жарнама берүүчүнүн каалоосу боюнча кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

Гезит шейшемби, жума күндөрү чыгат.

«Принт Мастер» ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек ш., Анкара көчөсү, 1 «Г»

Буйрутма № 189 Нускасы 4280
Басууга 23.02.2026-жылы, саат 19.00дө жөнөтүлдү.

**Реквизиттер:**
ИНН 01012199310063
р/с 1033020000141306

**Банк:** Филиал «Мбанк Азия Мол» ОАО «Мбанк»
БИК: 103030
Код ГНИ: 004 УГНС Первомайского района

Биздин дарек: **720040. Бишкек шаары, Т.Абдумомунов көчөсү, 193.**
факс: **62-20-52.**

Электрондук дарек:
e-mail: **tuusu@mail.ru**
**www.kyrgyztuusu.kg**

Эл тааны, жер тааны



# Тувалу

## (Эң кичине мамлекеттер)

**Тувалу – төрт толук кандуу аралдан жана беш кичинекей атолдон (шакек сымал кургактыктардан) турган чакан мамлекет. Анын жалпы аянты болгону 25 чарчы километр. Калкынын саны 2026-жылга карата 9,4-9,5 миң адамды түзөт. Айрым жерлеринде кургак жеринин туурасы 20 метрден ашпайт, ал эми аралдын узундугу 350 чакырым. Тували Гавайи менен Австралиянын ортосунда жайгашкан дүйнөгөгү эң аз калкы бар мамлекеттердин катарына кирет.**

Тарыхына кайрылсак, XIX кылымга чейин Тувалу аралдары калган дүйнөдөн обочолонуп келген. 1568-жылы испан деңиз саякатчысы Менданья тарабынан архипелагдын курамына кирген Нуи атоллу аралы ачылганына карабастан, бул европалыктарда анчалык кызыгууну жараткан эмес. 1892-жылы Тувалу аралдарынын үстүнөн (ал кезде «Эллис аралдары» деген ат менен белгилүү болгон) Британия протектораты орнотулган.

1568-жылдан 1820-жылга чейинки мезгилде архипелагдын жанынан болгону он бир кеме сүзүп өткөн. Бирок ушул фактыга карабастан, келечектеги соода мамилелери үчүн белгилүү бир өбөлгөлөр түзүлө баштаган. 1821-жылдан баштап аралдардын жанынан кит улоочу кемелер тез-тез сүзүп өтө баштаган. Аралдыктардын кит улоочулар менен болгон мамилеси, чет элдиктерди кастык менен тосуп алган аймактын башка аралдарынан айырмаланып, достук маанайда эле.

Европалыктар келгенге чейин Тувалунун жергиликтүү калкы белгилүү бир укуктарга жана милдеттерге ээ болгон айрым топторго бөлүнгөн. Тургундардын конуштары мурда арал боюнча чачырап кеткен, чакан же чоңойтулган үй-бүлөлөр жашаган айылдардан турган. Жер үй-бүлөнүн менчиги болгон.

Тувалинин саясий жана диний маанидеги таанылган лидерлерин «алики» деп аташчу жана алардын бийлиги мурас катары өткөн. Айрыкча урмат-сыйга жамааттардын эң кары башчылары ээ болгон. Алар аликиге эскертүү жасай алышкан (негизинен тамак-аш менен камсыздоо жана согушка даярдык маселелеринде) жана ага көп кеңеш беришкен. Аялдар үй чарбасы менен алектенип, килемче, себет токушкан, жасалгаларды жасашкан. Ар бир тувалулук үй-бүлө «солога» аталган жамаатта белгилүү бир иш менен алектенген: кимдир бирөө үй курса, кимдир бирөө каноэ жасаган ж.б.

Тувалунун дээрлик жалгыз табигый байлыгы — практикалык мааниси чоң болгон кокос пальмасы. 1850-жылдардын ортосунда эле архипелагда австралиялык компаниялар пальма майын чыгара башташкан, ал эми 1870-жылдарга карата ал копра (кургатылган кокос маңызы) тарабынан сүрүлүп чыгарылган. Копра ушул күнгө чейин өлкөнүн эң ири экспорттук товары болуп саналат.

Колониялык мезгилде алгач аралдарды башкаруу салттуу моделдер аркылуу жүргүзүлгөн, бирок кийинчерээк архипелагдын үстүнөн түз көзөмөл орнотулган. Арал башчылары саясий бийлигинен ажырап, коомдо чоң таасирин сактап калган христиан миссионерлеринен айырмаланып, жергиликтүү тургундар арасында өзгөчө кадыр-барккa ээ болбой калышкан.

Эллис аралдары «Тувалу» (тувалу тилинен которгондо «сегиздин тобу») деген ат менен британ колониясы болуп келсе, 1978-жылы Улуттар Шериктештигинин курамындагы көз карандысыз мамлекетке айланган.

2021-жылга карата Тувалунун калкынын жарымы Жаңы Зеландияга көчүп кетти. Глобалдык жылуулуктун жана океан деңгээлинин көтөрүлүшүнүн натыйжасында Тувалунун бүткүл аймагын суу каптоо коркунучу бар. 2023-жылы бул стратегия Тувалунун Конституциясында: «Тувалу мамлекети климаттын өзгөрүүсүнүн кесепеттерине жана анын аймагын жоготууга алып келүүчү башка [жагдайларга] карабастан ар дайым жашай берет» деп жазылган.

Тувалу өкмөтү Тувалунун жарандары физикалык аймагынан ажыраганына карабастан, өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн сактап калуусу жана бири-бири менен байланышын улантуусу үчүн бардык мамлекеттик функцияларды жана маданий баалуулуктарды интернетке көчүрүүнү караштыра баштады.

Санариптештирүү бул өлкөнүн бардык маанилүү маданий артефакттарын, анын ичинде музыкасын, адабиятын, искусствосун жана каада-салттарын сактоону камтыйт. Эске сала кетсек, Тувалу өзүнүн .tv домени менен акча тапкан саналуу өлкөлөрдүн бири. Көптөгөн ири компаниялар телеберүүгө (TV) байланышкан бул аталышты колдонуу үчүн мамлекетке ижара акысын төлөшөт.

**Темирбек АЛЫМБЕКОВ,**
**“Кыргыз Туусу”**

















